КАЛМУРАТ КЫЗЫ ТУРСУНАЙ

# Бийигим



**КАЛМУРАТ КЫЗЫ ТУРСУНАЙ**

# БИЙИГИМ

*(ЫРЛАР)*

Бишкек – 2017

**УДК 821.51**
**ББК 84Ки7-5**
**К17**

Китеп Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын төрагасы Д. Эсеналиевдин жалпы редакциясы астында чыгарылды.

Бийигим. **Калмурат кызы Турсунай.**: Ырлар. – Б., Кыргызпатент, 2017 –96 б.

ISBN 978-9967-472-83-9

Бул китепчеге колуна калем алып, чыгармачылыктын түйшүктүү жолуна жаңы гана аралаша баштаган жана келечегинен көптү үмүттөндүргөн талантуу жаш автордун чыгармалары топтоштурулду.

**К 4702300200-17** **УДК 821.51**
**ISBN 978-9967-472-83-9** **ББК 84Ки7-5**

© Калмурат кызы Турсунай, 2017
© Кыргызпатент, 2017

## БИЙИГИМ

Менде калбай, ишеничим жоголгон,
Жүрөк катты, таш боор мерез жоолордон.
Ошондо да, үмүт байлап максатым,
Келет бир күн туман баскан жолдордон.

Сенсиз, сенсиз мен ким элем билбедим,
Жылдызы өчүп, караңгы эх, түндөрүм.
Табыштырып кайра таштап жиберген,
Жалындагы жоготулган күндөрүм.

Кайгы эмне? Жыргал эмне билгизип,
Каршы тоскон арканынан миңди үзүп.
Бул дүйнөнүн жалганынан узатты.
Боз атына аруулуктун мингизип.

Махабаттын колдоп турсак бийлигин,
Макул болуп бөлө алат бизди ким?
Арзуу айткан сезимдерди булгабай,
Алып учкан жашоодогу бийигим.

## СЫР КАТКАН КААРМАНДАР

Билбестен сүйдүм дагы анын тегин,
Бир гана турду ал деп каным менин.
Беш сомдук кагазыңа алмаштырбайм,
Беш томдук Жантөшөвдун Каныбегин.

Кээленбей тулаң чөбүн алып жегин,
Кээ бирде билбей турам анык кебин.
Ашыгын азыркыдай мендей күтүп,
Эскермек Курманжан да Алымбегин.

Көрүшпөй жүзүн кечип жети айдын,
Калгандай колун булгап кези майдын.
Күйгүзүп салбаганда балким сүймөк,
Биз өңдүү Райымалысы Бегимайдын.

Курч чыгып күндүн жүзү, таңы жаздын,
Курчаган берип сүйүү, дагы жаздың.
Жүрөктүн согушунан жеңип чыккан,
Бактылуу Жамилясы Даниярдын.

Ширесин жуткан сымак кулпунайдын,
Шиберден кечип өтүп турду Айым.
Сыр болуп баратабы сага да миң,
Сыйкырдуу каармaны Турсунайдын.

## БААРЫ СЕНДЕН БАШТАЛГАН

Эң биринчи кадам койдум өзүңө,
Ал күндөрүм бактылуу бул өмүрдө.
Сенден алдым, билим кенди баарысын,
Ак мектебим жашай берчи көңүлдө.

Жашоо турмуш ачуусун да, таттуусун,
Айтып берген эсимде ал кептериң.
Алыс жакка азыр булгап колумду
Кош деп алып, учуп чыгып кеткемин.

Чоң жашоого даярдадың, оңдодуң,
Аман болсун агайым да, эжейим.
Келем бирок кубанычтуу жүз менен,
Кош бол азыр, мен окуган мектебим.

## КЛАССТАШТАР

Он бир жыл акты суута канча таштар,
Ойлосом келет көзгө, көзгө жаштар.
Окуган күндү учуруп, учуп да биз,
Кеттик ээ алыстарга классташтар.

Ойнодук. Отурчубуз күлүп бирдей,
Сабакка кээ бир күнү качып кирбей.
Ой ата, тентектиги жагынан да,
Окуучу жок болчу да алоо биздей.

А бирок курчап турчу биримдүүлүк,
Алдыда турчу билим, күйүмдүүлүк.
Күнүбүз окуучулук узаганда,
Ушунча барктуулугун кийин билдик.

## АЛАЙЫМ КИЧИ МЕКЕНИМ

Алай жери, Датка энемдин мекени,
Алга сүрөп чыккан Алымбектери.
Алыстарда жүрсөм дагы сенде өспөй,
Атың калып жүрөгүмдөн өчпөдү.

Кең жайлооң бар, кубанычты арттырган,
Конок келсе кучак жайып шаң курган.
Кымыз сунуп ак пейилдүү мүнөзүң,
Жайнап турса адам барбы унуткан?

Сенде туулуп, жарык дүйнө күн көрдүм,
Уктап жүрүп далай кызык түш көрдүм.
Салкын аба, муздак, тунук сууңду,
Оо Алайым ырдап айтып бүтпөймүн.

Бийик-бийик тоолоруң бар тирелген,
Бүркүт учуп күчтүүлөрү иргелген.

Бирок сенден эрте учуп кетипмин,
Бала кезде сагынаарым билбегем.
Сагынчымды таратууга Алайым,
Дагы алдыда күтүп алчы миң келем!

## КЫЗЫ БОЛОМ КЫРГЫЗДЫН

Толкун болуп ташка кумга урулган,
Тоо кызымын кыргыз болуп туулган.
Чагылгандай чатыраймын душманга,
Чеби болом, кыргыз, кыргыз деп турган.

Куюлушуп дайра болуп агылган,
Узаганда мекенимди сагынам.
Топурактан өсүп чыккан гүлүмүн,
Кээ бирлерге тикенекмин сайылган.

Мөңгү болом чокудагы ээрибес,
Зоо боломун мекен коргоп кемитпес.
Абасы сен мен дем алган жүрөктүн,
Октой учам керек болсом сага тез.

## ЖЕР ЖҮЗҮ

Элибизге кубатын,
Энчилеген жер жүзү.
Эмгек туусун көтөрүп,
Эргип турган жер жүзү.
Пенде жүгүн артынып,
Тирек болгон жер жүзү.

Гүлдөр тоодо ачылса,
Жыпар чачкан жер жүзү.
Күмөн каткан жүрөктү,
Күтпөй ачкан жер жүзү.
Абийир менен алышып,

Нурун чачкан жер жүзү.
Бакыт, күлкү адамга,
Тартуулаган  жер жүзү.

Жемиш багы жалпыга,
Жетет байда, жардыга.
Бирдейбиз тоо, жер үчүн,
Эске түйүп алгыла.

## ПОЭЗИЯ ЖАШАЙ БЕРЕТ «МАНАСТА»

Ойду топтоп, айтуу кыйын мага абдан,
Окшоштурбай башкачараак жаза алсам.
Бакыт анда, ошол жеңиш, ошол шаң,
Баштагым бар ураанымды Манастан.

Жарык күндүн келечегин баалайын,
Жаштыгымдан жакшы-жаман баа алдым.
Колун жайып, ак батасы сөздөрү,
Кулагыма угулгансыйт Бакайдын.

Күчтү топтоп, алга жасап аракет,
Кыялдарым максатыма ала кет.
Мага карап, акыл кошуп сүрөп эх,
Маңдайымда олтургансыйт Алмамбет.

Бүгүн түнү жылдыз көктө жанды эй,
Бүркөк булут. Туман артта калды эй.
Нур дүйнөгө, аруулукка жетелеп,
Мени ээрчитип бара жатат Каныкей.

Гүлдөп турдум, жааган-жааган нөшөрдөн,
Жолду тосуп, душмандарым көшөргөн.
Ичтен жеген! Ичтен тыткан тоскоолдук,
Кутулбадым! Абыке ал көбөштөн.
Куткарбаган бизди азыр жан жок ээ,
Билем, билем аларың да жалкоо ээ.

Мүңкүрөтүп терс жоругун көргөзгөн,
Азыр бизде аябай көп Алооке.

Калемимден таза, тунук суу аксын,
Билбейм качан, кандай дагы чуу айттым.
Кыргызымдан көргүм келет, көп ирет,
Манастагы көрүнүшүн Чубактын.

Элибизде акылы жок жан азбы?
Эптеп эмес, тарых аны жазабы.
Бириктирип, бийиктерге чыгарган,
Энелерим качан төрөйт Манасты?

Болор-болбос, чаңга учуп ызгыба,
Бөрүлөрүң, уксун баары кызыңда.
Бөрк ал десе, башты жулган эр эмес,
Бөлбөй турган баатыр керек кыргызга.

Бaрактарың, жетпейт калем, мага азда,
Болдум ошол. Ошол ыйык мазарда.
Кылым кезип өлбөс жарык күн менен,
Кыргыз калкы жашай берет Манаста.

Пейли кенен улуу кыргыз журт менен,
Поэзия жашай берет Манаста!

## ЧҮЙҮМ СЕНДЕ  – СҮЙҮҮМ

Кетким келбейт, ата-энемдин үйүнөн,
Түйшүктөр көп. Кайдан алар үйүлгөн?
Кулачымды жайсам бакыт төгүлөт,
Кучак жайган керемettүү Чүйүмдөн.

Акыл топтоп, билим казам күнүгө,
А мени эх, борбордон ал күтүүдө.
Кең талаасын сагыныганда жол тартам,
Ысык чайын сунган көрктүү Чүйүмө.

## ЭНЕ ТИЛИ-КЕЛЕЧЕК

Унутукпу улуу сөз адаттарын,
Улуттун абийирдүү каадаларын.
Эсиңерге салып мен өткүм келет,
Эне тилдин жоголбой баратканын.

Жылдыз өчпөйт, жанат да улам барып,
Сүйлөнбөсө тил өчөт талкаланып.
Тил деп күйгөн эр жүрөк атуулдар бар,
Бүркүт сымал учушат чарк айланып.

Тил бар үчүн гүлдөйт да заманыбыз,
Тирүүлүктүн келечек адамыбыз.
Өркүндөтүп улуттар өз тилдерин,
Эне тилде болсун ар кадамыбыз.

Акыңар бар сүйлөөгө ар бириңдин,
Акыңар жок түшүрүүгө баркын тилдин.
Баарыбызга эң кымбат  сүйлөп турган,
Келечеги сүйкүмдүү эне тилдин.

## АТАМА

Күн жаркылдап, аалам кошо кубанат,
Атам күлсө, дагы күл деп суранат.
Бул дүйнөнүн мээрими да төгүлүп,
Ата өзүңө таазим этип бүт турат.

Бактылуусуз балдарың бар кашыңда,
Багыт берип колдоп жүрчү жарыңда.
Апам экөөң айдан бүткөн нур сымал,
Таанышкансың кайсы бакыт айында.

Төрөлүпсүз берекелүү күзүндө,
Эркелейсиз, эркелеңиз бул күнгө.
Чоң атама, чоң энеме ырахмат,
Алып келген ушул асыл дүйнөгө.

Тарбиянын татыктуусун бердиңиз,
Эми биздин урмат-сыйды көрүңүз.
Атакем тоо, бизди сүйөп тургузган,
Атакем оо, биздин таза көлүбүз.

## АТА-ЭНЕМЕ

Өмүрдүн гүлүн терип чогуу басып,
Ата-энем жүрөгүмдөн орун алып.
Дайранын суусун бирге кечип келет,
Биз үчүн дайыма санаа тартып.

Ошондой жапжаш бойдон жүрөсүңөр,
Дал келип, шайыр дагы мүнөзүңөр.
Турмушта ордуңар бар эч өчпөгөн,
Бакытка балкый берсин жүрөгүңөр.

Сиздер бар жашоо жарык биз жүрөбүз,
Бактылуу ар убакта үй-бүлөбүз.
Бороондо үстүбүздө жок болсун үй,
А бирок ак пейилден үшүбөйбүз.

Элдердин балдары деп бөлбөйсүңөр,
Эмгектен кара терди төккөнсүңөр.
Койнуңар ушунчалык кенен беле,
Сезилет мага ата-энем өлбөчүдөй.

Кызыңар болгон үчүн сыймыктанам,
Сезилет мага ата-энем чоң дүйнөдөй.

## ЭНЕКЕМ

Бооруна кысып балам деп,
Сагынып сени жатам деп.
Бир мүнөт кылым сезилет,
Бир күнү сага барам деп.

Көрүнсө тоодой карааны,
Көрктөнтөт бийик калааны.
Көтөрдүм эне сиз үчүн,
Колумда турган каламды.

Жаштыгың өтөт биз үчүн,
Жапжашыл гүлдөй үмүтүң.
Көрбөсөм экен көзүңдөн,
Учкунун бир да күйүттүн.

Балдарың азыр эселек,
Маарага дагы жетелек.
Жабышып тартат этектен,
Курсагым ачты эне деп.

Бактылуу сезим ыраактан,
Кубаныч менен ыйлаткан.
Көтөрбөй күн-түн башымды,
Көзүңө карап ыр жазгам.

Биз күткөн күндөр келеттир,
Тилегиң кудай береттир.
Мойнумда чоң жүк артылган,
«Балдары элдин» дебей тур.

Оролсун гүлгө бар жагың,
Болбосун бүркөө кабагың.
Энеке сиз бар жашоодо,
Эң эле бийик максатым.

Сиз үчүн ар бир күндөрү,
Эшигин ачам майрамдын.

## АЙ ЖАНА АПАМ

Бир ойлор мени жетелеп учуп баратат,
Билгизбей ичтен сезимдин күчүн жаратат.
Добушу назик апамдын үнү сыяктуу,
Ай нуру кечте мээримин төгөт карайлап.

Асылым апам, асылым апам, асылым,
Уктаарда бизге жомоктун түрүн айтчусуң.

Ай апам менин, асмандан түшкөн ай апам,
Алыста болсом кучактап айды жатчумун.

Сүйүп сен кулпур, жан апам чач жарыгың,
Махабат шерик, жайылсын узак тамырың.
Чеп болуп курчап, бороондон тосуп турушат,
Толукшуп айдан, бүтүшкөн сенин балдарың.

## БИР ТУУГАНДАРЫМА

Силер бар, дүйнөм түгөл жалындаймын,
Жыпарын чачкан тоонун назындаймын.
Жүрөгүм  качан болсо өзүңөрдө,
Тууганга туруктуумун жаз ырларым.

Алдымдан тосуп чыгып аласыңар,
Баякы ойноок кыял бала сыңар.
Алыс эх, алысыраак жүрсө экен дейм,
Адамдар ичиндеги  аласы бар.

Кечээгим. Келечегим менин силер,
Ойлонбой неге аны жүрөсүңөр.
Токтолдум. Ооба эрте токтолупмун,
Тоолордой тунук болсун жүрөгүңөр.

## ЖЕҢЕЛЕРИМЕ ТАМАША

Конок болуп үйгө бүгүн кел деди,
Акеңизде бүгүн чөнтөк кең деди.
Жайнап турдум эстеп алып ошондо,
Жаңы келин болуп келген жеңемди.

Сөздөрү бал, түгөнбөгөн кен беле,
Узарып ай, кетчү анда жең деле.
Суроо салып, мени карап үңкүйбө,
Сырларымдын баары ошол жеңемде.

Акелерим тамаша чын аралаш,
Айтчы дешет: эмне мынча кечиктиң.
Мейли азыр, эркелеп ал сен деле,
Бактылуу бир үй-бүлөгө келинсиң.

Анда айтам: Жеңелерим кубансын,
Базар толо, каалаганын бүт алсын.
Анан мындай эстафета мага да,
Бир мезгилде дал ушинтип улансын.

## МЭЭРИМИҢДИ ТӨКЧҮ АПАКЕ

Күйүп турат сезимдердин илеби,
Апа айтчы жарык нуру тиеби?
Алоолонуп жалын болуп баратам,
Чоктой ысык кызыңыздын жүрөгү.

Жан дүйнөмдө башкача сыр ачылат,
Улуу тоого кандайдыр күч камчылайт.
Жүрөгүмдүн канап турган сезимин,
«Жаным кызым» дегениңиз дарылайт.

Кандай бакыт апам менен сырдашуу,
Ал ушундай ыр күйөрман, ыр жандуу.
Кыялданып жомоктордо жашаган,
Мээримиңден төкчү апа, бир тамчы!

## СТУДЕНТТИК КҮНГӨ

Кечээ эле окуучу элек ыйлаган,
Айыл жытын, ата-энени кыйбаган.
Чоң жашоого кадам коюп бүгүн биз,
Студентпиз, наамыбыз бар сый алган.

Студенттер, студенттер, студент,
Кандай ыйык, кандай сырлуу улуу кеп.
Алыс жактан жаштык нурун чакырып,
Жарык жакка тазалыкка алып кет.

Студенттик күндөр сага ырахмат,
Сенде жүрүп ойноо бизге ырахат.
Чын сүйүүгө, чын достукка жетелеп,
Студентиң бүгүн арнап ыр жазат.

Мен сыяктуу студенттер БГУда,
Билим алып учуп көккө чыгууда.
А биз үчүн аянбастан билимин,
Аракетин ар мугалим кылууда.

Студенттер куттуу болсун майрамың,
Ушул күндөй бүтсүн ар бир сабагың.
Модулдарда, сессияңда беш болсун,
Менин ушул баарыңарга каалары.

## САБАКТА ОЛТУРГАНДА

Бир жарым саат убактымды алууда,
Деп кээде бир мугалимге жинденем.
Ошол кезде келип илхом шаштырат,
Жаза кал деп каламымды шилтесем,
Окуп жаткан лекциясын токтотуп,
Мени карап улантаарын билбегем.

Сизде айып жок, тоскоол болгон менде айып,
Түз отурбай аалам кезем, көл чапчып.
Анан кантип токтоотуга шаштыңыз,
Баратканда тоолор менен сырдашып.
Күчүм жетпейт кыялымды тосууга,
Ыр алдында менин күчүм кылчалык.

Жаздыңбы деп суроо салып тиктейсиз,
Терезени улам карап тигилсем.
Лекциянын кээ бир кезде ушинтип,
Поэзияга алмашаарын билсеңиз.
Анда менин күнүм билбейм не болмок,
Ыр экөөбүз чыгууга жол издейбиз.

## ЖАТАКАНА ЖАШКАНА

Уктап калып студенттин эң көбү,
Студенттик шаарчада дейт түшүнбөйм.
Убакытты текке өткөрбөй жүргөнүн,
Ошол айткан адамдарды билсе дейм.

Ишеничин артып алып мойнуна,
Түнү иште, а күндүзү окууда.
Жооп бералбай калат эртең сессия,
Деп мугалим эже-агайлар коркууда.

Жоопкерчилик бар экенин сезишет,
Уктаса да «нб» албай келишет.
Жатакана жаштарга бай акылдуу,
Мен ишенем коркпостон жооп беришет.

Сагынычты башка жүктөп салса да,
Куса отуна жүрөк канап барса да.
Сүрөйт бизди эс алдырып кайрадан,
Күчтөндүрүп студенттик ал шаарча.

## БИЛИНЕТ

Сүйүнүчтү салып алып чөнтөккө,
Бир жуманын аякташын күтөмүн.
Жатакана тарапка жол тартпастан,
Полтавкага кетким келип жүрөмүн.

Жатакана эшик ачып тоссо да,
Жалын жоктой муздак сезим сезилет.
Ата-энем жолум карап кубанып,
Кучак жайып тосушканы билинет.

## МЕН МУГАЛИМ БОЛГОНДО

Болгондо мен мугалим,
Реформа жүргүзмөкмүн.
Кайгырган окуу жайды,
Жылмайтып күлдүрмөкмүн.

Көздөрү жалындаган,
Студент, окуучуга.
Байлыкты акчаны эмес,
Китепти сүйгүзмөкмүн.

Мугалим мен болгондо,
Мажбурлап акча албай.
Максатка талпындырып,
Маарага жүгүртмөкмүн.

Студент салам берсе,
Көтөрүп кетпей башты.
Урматын көрсөткөнгө,
Ызааттап ийилмекмин.

Жаштардын жолун карап,
Пейилин өзгөртмөкмүн.
Басынтып, какшыктабай,
Бийикти көрсөтмөкмүн.

Жашоодо бактылуубу?
Жагдайын сурамакмын.
Ыйманга жүзүн буруп,
Жүрөгүн сугармакмын.

Тартынган мүнөзүнөн,
Талантын чубамакмын.
Билимге умтулдуруп,
Тарыхка уламакмын.

Мугалим сапаттары,
А менден чыкмак кайда.
Калпычы жүздү көрүп,
Үлгү алып келе жатса.

Мен эми карабаймын,
Чыны жок ал жүздөрдү.
Мугалим наамы ыйык,
Устаттар билгилечи.

Тарыхка из салгыла,
Бул менин окуучум деп.
Мурунку устаттардан,
Силер да үлгү алгыла.

Арабаев, Разаковдор,
Билим деп жан үрөшсө.
Азыркы мугалимдер,
Акча үчүн жүгүрүшсө.
Жанчылып оюм турат,
Жеңилип  үшкүрүккө.

Сатпачы билимиңди,
Куну жок бир тыйынга.
Мугалим сактап калчы,
Жашоодо бийиктикти.

Оюмду өстүрүшкөн,
Ооба да ал мугалим.
Ушундай татаал болгон,
Мугалим өзү айтчы ким?!

## СҮЙӨМ ЖАЗГЫ ЖАМГЫРДЫ

Бүркөлүп турат бүгүн асман дагы,
Булуттар күндүн көзүн каптап алды.
Эстетип улам барат ошол кезди,
Буркурап катуу жааган жамгыр жазгы.

Коргонор кол чатырым колумда жок,
Ак жамгыр эрте менен оюмда жок.
Желпинип жука көйнөк кийип кеткем,
Күн чыгып күлүп турган анда бирок.

Сабакта олтурганда жаан башталды,
Сезимдер ойгоно элек байкабады.
Сабактан тапшырманы берип эрте,
Жаркынай Акматовна аяктады.

Энтигип биринчиге төрттөн түштүм,
Шашылыш азыр чыгам жамгыр күткүн.
Алдымдан тосуп чыкты Джекшеновна,
Капасың эмне үчүн жок дейт күлкүң?

Ичимде сезимдерим уйгу-туйгу,
Жамгырды эстегенде унутулдү.
Сен эмне дайыма эле ойлуусуң деп,
Раушан  Шимеевна күлүп турду.

Дээримде жанып турат бир кызыл чок,
Бетимде бүгүн бир да кызгылтым жок.
Жаңылык алып келген жамгырбы дейм,
Жылуулудай сезилди сага окшоп.

Шашылып баратамын жамгыр сага,
Токтобой жаай берчи кайра-кайра.
Жолугуп жатышкансыйт жакшы адамдар,
Көздөрүм толуп турат ысык жашка.

Жулкунуп атып чыктым сыртты көздөй,
Алдымда адамдарды көрүп көрбөй.
Дарегим таап алган жамгыр белең,
Карегим сенден башка көрбөчүдөй.

Карадым өйдө жакты колум сунуп,
Кабарын ал тараптын сенден угуп.
Тыпылдап тамчыларың беттен сүйдү,
Жүрөгүм алды катуу улутунуп.

Байкуш кыз суу болуптур дешип калсын,
Байкатпай кыйырынан эл карасын.
Бактылуу болуп келе жатканымды,
Оорутуп, башкалар ээ, ким байкасын.

Жамгырда катылганын карачы сыр,
Жалгыздык аны такыр байкабаптыр.
Жалындап күйүп өчкөн бир мезгилде,
Сүйгөнүм болчу ошол жазгы жамгыр.

Жүзүмө сүртүп өткөн жылдыз нурун,
Бакытым ошол жазгы, тамчы жамгыр!

## УЗАГАНДА АЙЫЛДАН

Эсен тур деп карагайды, арчаны,
Эгин талаа, өзөн сууну бакчаны.
Кетип жатам сагынычым таркабай,
Шаар тарапка колго алып папкамды.

Издейм бакыт, издейм билим издерин,
Билем тагдыр жолду тосуп иргейсиң.
Оңой эмес, оңой эмес баарысы,
Азабымды айылым эч билбесин.

Адамдар бар айыл жытын сагынган,
Айласыздан тагдырына багынган.
Күтүп жатат мени дагы сыноолор,
Мен аларга айыл жытын алпарам.

Ата-энем күйүп ичтен коркпоңор,
Аман келем жолумду эч тоспоңор.
Билим күтөт, асыл достор биригип,
Мезгил келди келечекти ойлонор.

## ОН ЖЫЛ

Көчтүк. Калды издер аркада,
Үй жок. Жатып иштеп чатырда.
Төрөлгөн биз, кете бердик кол булгап,
Төбөсү жок! Көрүнгөн бир жат ырда.

Турмуш. Өгөйлөдү, сындырды,
Ууга. Алмаштырды сыйымды.
Жашабадык! Түтүн булап тынчыраак,
Ачты жашоо бүгүн каткан сырымды.

Он жыл. Айтканымда ким дейсиң,
Оңой жашаганга бирдейсиң.
Бөлмөсүнүн кычыгынан кирген суук,
Жүрөк тешип кеткендигин билбейсиң...

## МАРТ АЙЫ

Көңүлдө бардык күндөрүм,
Көбүрөөк мартты күткөмүн.
Көтөрсөк экен деп тилейм,
Көркөмдүү дүйнө жүктөрүн.

Кыялдын тосуп күүлөрүн,
Кыйналдым бирок үйрөндүм.
Кызыгы кетсе башканын,
Эсимде калаар күлгөнүм.

Жүрөктүн жанган актары,
Жабыркайт бир күн ал дагы.
Жакшылык менен кезигип,
Тосолу далай марттарды.

Шыбырап кулак тунабы,
Угулса тоонун булагы.
Укмуш бир сонун экен го,
Кудайдын берген бул айы.

## ЖАШТЫГЫН ЖАҢЫЛЫП ӨТКӨРҮҮДӨ

Шарактап чоң жолдо баратасың,
Шаарды да ойготуп каратасың.
Сагызды улам үйлөп кайра жарып,
Жолдо бир ыңгайсыздык жаратасың.

Улуулар баратса жөөлөп өтүп,
Ушунча чоң жолду талашасың.
Күнөөнү сезбей кайра беттен алып,
Кечирим суроого жарабайсың.

Кастарлап апакең өстүрдү да,
Кылыгың оорутат көңүлдү да.
Калп жашап аманат күндөрүңдө,
Алдадың алгач бир өзүңдү да.

Коздодуң алтынга башыңды ороп,
Коркомун жолоодон алыңды ойлоп.
Адамдык сапатың жоголууда,
Сыйлабай ураттың аны кордоп.

Кыргызда ушундай жаштар өссө,
Чындык да, көтөрбөйт мекен көпкө.
Оңолсоң өзүң да үлгү болуп,
Жылдызга жетесиң бийик көккө.

## КӨҢҮЛ СЫНЫГЫ

Оо адамдар кайда кетип барабыз,
Сүйлөгөндү беттен алып талайбыз.
Угуп көрчү балким анда муң кайгы,
А биз болсо жаман көрүп карайбыз.

Оо жарандар биз ким элек, ким болдук,
Акыйкатка жасадык го көп кордук.
Ак ийилет бирок такыр сынбастыр,
Адамдарга жарашпастыр бул жорук.

Менде бүгүн муң кайгы да, азап бар,
Жүрөгүмдү жеп бүтүштү армандар.
Түшүнгүлө, сезгилечи сезимди,
Адамдардан болуп турам жарадар.

Мен темирден жасалбагам билсеңер,
Катам болсо кечиргиле кимде эгер.
Балким кийин түшүнгөндө кеч болот,
Жүрөгүңөр өзүңөргө жинденер.

Аягыла баарыбызда жүрөк бар,
Кетсе ката кечиргиле адамдар!

## ЭЧ КИМ ООРУБАСЫН

Балким куса болуп жатып оорудум,
Өзүмө да жаккан жок бул жоругум.
Бошоң тартып, ээн болуп калыптыр,
Мен отуруп, ырлар жазчу орунум.

Терезеден күн чагылат баракка,
Баргым келет улам ошол тарапка.
Калемимди колго алып жазмакмын,
Чыдабайм деп оору деген азапка.

Бүркүт шаңшыйт, үнүн угам же көрбөйм,
Үнүн ээрчип, дүйнө кезип өйдөлөйм.
Жалгыздыкка таштап мени кетишкен,
Максатыма жетем эгер өлбөсөм.

Оорубасын  калемгерлер, акындар,
Оорубасын окурмандар, жакындар.
Жатсам дагы оору менен алышып,
Үмүтүмө ишенүүгө акым бар.

## ЖУМУШ ДА

Таң атпай туруп шашабыз,
Акырын эшик ачабыз.
Ойгонуп кетпес бекен деп,
Балдарды ойлоп жатабыз.

Таттуу уйкуну бузабыз,
Жумуш деп эле турабыз.
Иштебей үйдө олтурсак,
Баарыбыз анда куурайбыз.

Көңүлдүн баары жумушта,
Акчаны тапсаң укмушта
Убакыт болбой калсынчы,
Ушул бир жаман урушка.

## АЙЫМДАР

Мээримине чумкуп такыр бүтпөйсүң,
Оо айымдар кышпы, жазбы бүрдөйсүң.
Боорукерлик, ыймандуулук өзүңдө,
Ар убакта мөмө берип гүлдөйсүң.

Сүйлөгөндө сөздөрүнө ээрийсиң,
Оо жараткан, тилди таттуу берипсиң.
Сулуулугу күндөн-күнгө артылат,
Ааламдагы ар бир кымбат эненин.

Аялзатка кандай сөздөр жарашат,
Аялзатты дүйнө бүтүн баалашат.
Аруулукка бөлөп турган дүйнөнү,
Сүйөм сени, сүйөм сени асылзат!

## БҮРКҮТ МЕНЕН СЫРДАШУУ

Караңгы жолдо калгандай болуп бараттым,
Кайгыга толду жашоодо бардык тарабым.
Периште келет чыгарат десе капастан,
Пейилге такыр ишене дагы албадым.

Булуттар каптап төкпөдү бирок жамгырын,
Буулуккан катуу үндөрүн уктум тагдырдын.
Колумду шилтеп жек көрүп таштап кетет деп,
Көмкөрө түшүп, кеткенин айтпа алымдын.

Башыңа мүшкүл иш түшүп сыздап турганда,
Мазактап күлсө, дүнүйөң бүтүн куурайт да.
Бир эмес көбү, биригип күлдү үстүмдөн,
Ыйлагым келип, тагдырга моюн сунганда.

Көзүмдөн тамчы эгерим жашым акпады,
Жүрөгүм ыйлап, тамырым сыздап кан акты.

Түңүлүп түшүп, баратсам түйшүк дартына,
Бир бүркүт келип,чеңгээлдеп учуп баратты.

Ишенич оту жалындап күйдү бир замат,
Үмүттөр өчпөй бийикке улам алпарат.
Жардамды күтүп, башкадан жүрө берипмин,
А бирок баары бүркүткө барып такалат.

Жеңилбеш керек майда бир барат нерсеге,
Деп айтчу бүркүт жалындуу сүйлөп кез-кезде.
Күчүмдү топтоп үйрөндүм кайра учууга,
Кубанат балким ал кезди бүркүт эстесе.

Жакындайт улам асканын бийик чокусу,
Жаңылбай учкун деп айтып бүркүт олтурду.
Канатым күүлөп бийикке карай талпындым,
А бүркүт болсо, батасын берип кол сунду.

Жашоонун жолу түгөнбөйт эми башталат,
Колуңда баары өзүңдү кармап башкармак.
Унутуп кетпе, мен айткан ар бир сөздөрдү,
Эсиңде болсун эң керек адамдык сапат.

Шар аккан сууну, дайраны дагы кечесиң,
Агымга каршы сүзбөсөң агып кетесиң.
Бул деген жашоо, өмүрдүн татаал мыйзамы,
Татыктуу жаша дүйнөгө кайра келбейсиң.

Бул сөздөр чыкты, бүркүттүн таза дилинен,
Буларды айтчы? Укмакмын кайдан? Киминен?
Билсе да кээ бир макулук болгон достор бар,
Жалганды айтып, сапырып чаңды тилинен.

Кетирем ката, алышым керек тажрыйба,
А бүркүт айтты: анчалык алга шашылба.
От болуп жанып, чок басып билбей каласың,
Тарынып кайра жөнөйсүң алсыз тагдырга.

Ошондо эле мен темир канат балапан,
Ойдо жок жерден бүркүттөн коркпой таанышкам.
Билбедим анын жашоомдо орду болоорун,
Ал бүгүн азыр, ырымда эми баш каарман.

Ошондон бери убакыт далай өтүптүр,
Жаан жрааса кече, а асман бүгүн көгүлтүр.
Түшүмдө көрүп, таанышкан күчтүү бүркүтүм,
Чыныгы жашоо, өңүмдө туура келиптир.

## БҮГҮН МЕН

Булуттар көңүлүмдө бийлеп турат,
Буулугуп жарды жүрөк ыйлап турат.
Көмөкчү болуп арттан жөлөп койчу,
Бурулуп басып кетпей берип кубат.

Жүрөгүм жамгыр сымал ыйлап алды,
Күмөндүү ой тизмегин жыйнап алды.
Күркүрөп туман каптап жан дүйнөмдү,
Ызаадан ичке батпай жүрөк жарды.

Мезгилдин кышы келип тоңуп улам,
Мен бүгүн жарык күн жок соолуп турам.
Күнгөй бет бийик тоого чыгуу үчүн,
Күлкүдөн, жылмаюдан достук курам.

## ӨМҮР АЗ

Кыялдан жаша алсырап карап олтурбай,
Максатка талпын, жаштыктын гүлүн соолутпай.
Майдалап баспай, бакытка жете чуркагын,
Кайдагы болбос иштерге башты оорутпай.

Сүйүү чач, нур чач, кыялдар болсун бийикте,
Баркыңды билбей намысты бекер ийилтпе.
Бактылуу жаша, жашагын жаша бактылуу,
Биринин-бирин адамдар баркын билишсе.

## ТИРҮҮЛӨР СЫЗДАГАНЫ ЖАМАН ЭКЕН

*(Авиакырсыктан курман болгондорго)*

Муз тоңуп, жүрөк каны токтоп турат,
Муңдуу ыр! Силерди эми жоктоп турат.
Айланып, жол салып качкан менен,
Ажалдын ызгаар суугa коштоп урат!

Дирилдеп, ый-муң, санаа батпай кетти,
Дагы бир таңдары эх, атпай кетти.
Уйкудан түбөлүктүү уйкуга алар,
Көздөрүн биротоло ачпай кетти!

Көз жашты көтөрө албай аска дагы,
Оң бутум жок, сол бутум аксап алды.
Эрте өчкөн жарыгына ыйлап бүтпөйт,
Жер Эне! Бийиктеги Асман дагы!

Түгөнбөс түйшүгү көп заман экен,
Тирүүлөр сыздаганы жаман экен.
Окуган куранызбыз коштоп барсын,
Төрүнө жараткандын аман-эсен!

## МЭЭРИМ ИЗДЕГЕН КАТ!

Түшүнгүм келип турат,
Түйшүктүү жашоо сырын.
Ырдагым келбей турат,
Дүйнөнүн муңдуу ырын.

Наристе балакайдын,
Күнөөсү кандай айтчы.
Таштанды аталдырбай,
Апасы күлүп кайтчы.

Колумдан бек кармады,
Кобурап сөз баштады.
Коркунуч мени каптап,
Өлтүрө бир жаздады.

Быйтыйган колдорунан,
Жүрөгүм ээрип кетти.
Алдыма олтургузсам,
Башы бир көккө жетти.

Жайнаган көзү менен,
Жазыксыз жаш наристе,
Жылмайып маңдайымда,
Туруптур каты менен.

Сиз эми кетесиз дейт,
А көзү кетпеңиз дейт.
Апамды көрүп калсаң,
Катымды берсеңиз дейт.

Ак барак колдорунда,
Эмне бар ойлорунда.
Окугум келип турду,
Ал катты ойлорумда.

Карагат көздөрүнөн,
Куюлуп жашы кетти.
Келиңиз күтөмүн деп,
Наристе басып кетти.

Узабай көпкө турдум,
Ушундай келди тургум.
Өзүм да жаш балача,
Көзүмдүн жашын тыйдым.

Мен катты ачкым келди,
Жүрөгүм ачкын деди.
Колдорум көпкө кармай,
Корккондой ачтым эми.

Кызыл өң көркүн ачып,
АПА деп чоң-чоң жазып.
Өзүнчө бөлүм менен,
Баштаптыр минтип айтып:

«Неге сиз кечиктиңиз,
Апаке, жооп берчи?
Бир жолу кызым деп сен,
Жылдыздай жанып келчи?

Чекемден сылаганың,
Энеке эсиңдеби?
Сагындым өзүң айткан,
Жомокту кечиндеги.

Сиз мени алдаптырсыз,
Жаныңда боломун деп.
Сиз мени күттүрдүңүз,
Бүркүттөй кономун деп.

Аман-соо жүрөсүзбү?
Апаке күлөсүзбү?

Чоңоюп барсам эгер,
Кызым деп күтөсүзбү?

А бирок дарегиңди,
Табамын апа кайдан?
Апама баруу үчүн,
Кудайдан сурайм жардам.

Сагыныч кандай сезим,
Апаке, билесиңби?
Сагыныч болгон үчүн,
Жашоонун күйөт деми!

Алсырап турам азыр,
Апаке, эсте бакыр.
Бир жолу мээрим төгүп,
Кызым деп катуу чакыр.

Суроо көп жараланган,
Жообу жок жалаң арман.
Жолуксам апа сизге,
Айыгаар балким жарам.

Апаке, мерезиңсиңби?
Өзүңдү таштап кеткен.
Жүрөгүң менде бирок,
Алып кет! Келесиңби?

Түшүнөм жашоо кыйын,
Адамдар издейт тыйын.
Көргүңүз келбесе эгер,
Угуңуз ушул ырым.

Апакем, жаным апам,
Жүзүңө качан айтам?
Кыпкызыл каным менен
АПАМ деп катым жазам.

Көп нерсе айткым келет,
Өзүңө кайткым келет.
Элдердин балдарындай,
Кучактап жаткым келет.

Соңуна чыгаралбайм,
Сөздөрүм батпай кетти.
Көрүнбөй апакем да,
Кабарын айтпай кетти.

Карачы токтоомун ээ?
Өзүңдү тартсам керек.
Кызым деп сиз да мага,
Кө-өп ырлар жазсаң керек.

Жаштарым акпай калды,
Көзүмө батпай калды.
Асмандан түшөбү деп,
Тиктеймин карап айды.

Мага окшоп башка кыздар,
Таштанды аталбасын.
Балдарын жээригендер,
Оо кудай, кайра кайтсын.

Кучагың жайып анан,
Келесиз эне качан?
Бүтпөгөн суроом ушул,
Бүктөлгөн катты жабам!

Биринчи, акыркы эмес,
Кызыңдан сага салам...»

-деп келип бүтүп калды,
Дендароо карайм катты.
Көзүмдөн куюлган жаш,
Жамгырдай агып жатты.

Кайсы эне жаңылды экен,
Кайгысы жарылды бейм.
Жашоого батпаса эгер,
Кайдан да табылды экен?

Жаш кызды аяп кеттим,
Билбеймин эмне дээрим.
Табуугa үмүтүм бар,
Перилте энекесин!

Эч кимдин тагдырына,
Айрылуу жазылбасын.
Энелик бакыттарын,
Кең суугa агызбасын.

Сууруп бир жазсам дегем,
Суроолуу акыйкатты.

Ойлонуп окушсунчу,
Ар бир жан ушул катты.

Адамзат азгылырбай,
Тандасын акыйкатты...

## БИР ОЙ

Дербишсиңби дешсе, дешсин көргөндөр,
Дербиш экен дешип көңүл бөлгөндөр.
Карап турсам мен сыяктуу эртеге,
Алар дагы дербиш болуп өлгөндөр.

Жиндисиңби? дешип күлүп каткырса,
Чочуп кетип узак учат каркыра.
Чогултуп бүт эртең аркы дүйнөдө,
А мен күлөм сенин айткан калпыңа.

Тентип жүрөм, тентип кеттим талаалап,
Кээде ыйлайм, коркуп кетип апаалап.
Эки буттуу чөөлөр кууса изимден,
Эси кетип, калды жүрөк канталап.

Жүрөк төрүн толтурушуп ушакка,
Желпинишип канаттудай учат да.
Билишпейби, ошол акыл ээлери,
Кийинчерээк алынаарын суракка.

Мүнөзүмдүн жумшактыгын билишип,
Миң бир жерден жүрөгүмдү тилишип.
Мен ойгонуп, жашайм эми дегенде,
Кетишиптир жан дүйнөмдү чиритип.

Катачылык, сенде, менде, анда бар,
Капачылык, денеде да жанда бар.
Кайгырганча көңүлүңдү муз кылып,
Тартып кетет, жашоо көлү байкатпай.

Бул жашоодо өкүм сүргөн жан аздай,
Булбул бирок, тороп алган капастар.
Тартуулаган адамдар бар бакытты,
Алар болсо, ичиле элек шараптай.

Тирүүлүктө боло берем бушайман,
Теңдик кайда, кайда сенин убадаң.
Жаштык күндү алып кеткен узакка,
Табалбайбыз тагдыр сенден бу арман.

Жашагыла силер алып дем-күчтү,
Жүрөгүңөр бул жашоодо эң күчтүү.
Башка жактан мен адашып келгендей,
Көлгө карайм, тоого карайм үмүттүү.

Түшүп чыкпай турам окшойт санаадан,
Түңүлгүлө эми мен жок тажаткан.
Түйшүгүмдү артып алып мойнума,
Силер менен кош айтышып баратам.

## БИР КҮН КЕЛЭЭР

Ойноок кезде окуу менен алышып,
Байкабапмын жаштык кандай өткөнүн.
Жыргал кезде шамал менен жарышып,
Билбептирмин жаштыгымдын өчкөнүн.

Тике карап, бетке айткан күндөрүм,
Тизилишип тоо артында калдыбы?
Магдырап бир жаштык кезде сүйгөнүм,
Махабаттын чокусуна бардыбы?

Токтой калып бир саам карап жаштыкка,
Кол булгалап, кайра бийик талпындым.
Карап көрсөм бош калбаптыр бир күнүм,
Ырахмат деп, жаратканга кайрылдым...

## БИР СЫР

Бакытым келсе алып жоготкомун,
Бар турган убакытты короткомун.
Мезгилдин аша чапкан күндөрүнөн,
Мен бүгүн башка ааламга жоголомун.

Кайрылбас ыйык сезим менде барда,
Канатым күүлөп алып учалбадым.
Кайрылгыс эми ошол сүйүүм кайда?
Ал күндөн эчак алыс узаганмын.

Сездирбей алып кетти сезимдерди,
Ал адам сүйүүсүн да ыраа көрбөй.
Башкача башкача элем эсиңдеби,
Түшүнбөйт, дүйнөмдө калган көңдөй.

Туз уюп канча ойлор ачышкансыйт,
Муз тоңуп ээрип койбой катылгансыйт.
Байкасам турган ушул турпатымда,
Бир сырым билбейм неге жашынгансыйт.

## ЖАШАСЫН ЖАКШЫ АДАМДАР

Тигилишип күн нурундай чачырап,
Тирүү жанбыз жүрөлүчү жадырап.
Эки күндүк жашообузда жок болсок,
Эзилишип жүрөктөр да сагынат.

Бирде көңүл калып катуу ооруйттур,
Түш көрүшүп ишенчээктер жооруйттур.
Барда бардай, кек сактабай жүрөккө,
Кереметтүү адамдарды жолуктур.

Ар бир таңда жүздө болсун жылмаюу,
Мына ошондо күн да эстейт турбайбы.
Үмүт жибин узунураак таштап кой,
Эртең эле тарыхта бар кылчаюу.

## БЕШИНЧИ КАБАТ

Төрт дубал тиреп турган жалгыз бөлмө,
Терезе ыйлап алат, жамгыр төксө.
коркунуч келет каптап, жүрөк зырп-зырп,
Титиреп муун калтырайт жарык өчсө.

«Кыйчылдак» керебетим айтса муңун,
Кызык деп кыялда эх, аячумун.
Кири жок аппак дубал бири тура,
Мойнуна артып жүргөн азап ырын.

Кабаттан элдир-селдир көтөрүлөм,
Уялам карап турган ай көзүнөн.
Жылуулук издеп кеткем бешинчиге,
Жүзүмдүн нуру жерде өчкөнүнөн.

## ЗАМАНБАП ТААРЫНЫЧ

Жасабачы кыянаттык билгизбей,
Кара тизмек оорусуна киргизбей.
Мени тынч кой эркин кушмун сайраган,
Көңүлүмдүн көңүлдөрүн кирдетпей.

Өлбөс кулга дагы далай жаз келет,
Өрнөк болчу адамдар да кездешет.
Өмүрүмдүн жашыл гүлүн тепсебе,
Балким бир күн сага дагы бал берет.

Убакытың сени карап турбастыр,
Сөздөрүңдүн жалганы да куурайттыр.
Окуганда **заметкамды** ошондо,
Көрүп алып жүрөгүң бир туйлайттыр.

Сен өзүңдү көтөрбөчү анчалык,
Түшүнбөгөн **Лента** окуп баштадык.

Чексиз болчу сага деген жан дүйнөм,
Сый-урматты **игнор** кылып таштадык.
Сизге болгон мамилемди муздаттым,
Мен да сизди **игнор** кылып таштадым!

## СҮЙҮҮНҮ САКТАП КАЛАЛЫ

Сүйүүнүн болбойт ченеми,
Сүйүү бир тилге келеби.
Сүзө албайт сүйүү деңизден,
Сүйбөсө жүрөк себеби.

Кыйналып сүйүп жетесиң,
Сезимди күндө эзесиң.
Жанында бирге болууга,
Жан бирген менен кетесиң.

Баякы көйгөй жаралат,
Гаиге сүйүү кармалат.
Апасы каршы чыкканда,
Баласы кайда баралат.

Сүйүүңдү урдум балам дейт,
Сүйөмүн апа алам дейт.
Сыйласаң мени эгерде,
Сүйүүңдөн кечкин балам дейт.

Ушинтип сүйүү адашат,
Бакытка азыр карабайт.
Аягы келип баякы,
Акчага келип такалат.

Кесилет сүйүү жолунан,
Кемтиги кетип колунан.
Бекемделмек үй- бүлө,
Арылса мындай оюндан.

Сүйүүгө арык казалы,
Тоспойлу жолун ачалы.
Дайрага барып кошулсун,
Документтерин табалы.

## ЖҮРӨГҮМДҮН КӨЙГӨЙҮ

Бүт боюмду басып турат калтырак,
Улам барам жыгылчудай калтырап.
Карма мени, бекем кысып кармап кал,
Турам бүгүн ооруксунуп алсырап.

Айтчу сөздү аянбастан айтып кал,
Жүрөгүмдү уйпалабай жарлык сал.
Баратамын майдаланып эзилип,
Көңүлүмдү кирдетпечи назик ал.

Көңүл эзип, оюм чиркин бүдөмүк,
Макул болсоң чогуу бирге күлөлүк.
Ээ эмеспиз бул дүйнөгө конокпуз,
Жан дүйнөнү жабыркатпай жүрөлүк.

## СЕН ОШОНУ СЕЗСЕҢЧИ

Көтөрүп көңүл келесиң,
Шаттыктын нурун себесиң.
Жылмайып калам көргөндө,
Дегеле аны сезбейсиң.

Жолуңдан тосуп алайын,
Жоодурап сүйлөп барайын.
Жок эле десең бир жолу,
Сен үчүн бакыт табайын.

Күдөрүм үзбөй карасам,
Сени деп күндө баратам.
Темасы болдуң жашоомдун,
Термелип ырлар жаратам.

Өзүңдү кыйын сезбечи,
Өзгөгө сүйүүң бербечи.
Алдашып алар кетишет,
Ошону “көк мээ” сезсеңчи.

## АЧУУ ЧЫНДЫК ӨЗҮМӨ

Заман бизди же өзгөртүп салганбы,
Жаман адат жабышканы жалганбы.
Апам айтат: «Кийинчерээк оо кызым»-
азабыңды дагы далай тартамбы?

Жалганы жок жабышканым жабышкан,
Жардамы жок тирүүлүктөн алыстайм.
Атам айтат: «Пайдаң тийбес кыз болдуң»-
компьютерди жогото албай сагынган.

Сабактан да алаксытып баратат,
Тамактан да кыйла эконом жаратат.
Мугалимим бүгүн мени чакырып,
Интернетти өчүргүн деп дагы айтат.

Көздөрүмдөн куюлушуп жаш агат,
Мени көргөн адамдар да жаш алат.
Доктор катуу артын салып эскертип,
Телефонду караба деп ал айтат.

Анан кантем, бул турмуштун мыйзамы,
Тээ илгери көрбөгөнмүн мындайды.
Колум менен куураттырып баратам,
Коңур үндүү, жаштык күчтү кыйланы.

Тузагына илип алып чыгарбай,
Туздалды да, канча өмүр чырактай.
Эрктүү болсоң: «Интернеттен учуп чык»
Туура жашоо али алдыда чынардай...

## КӨРСӨ ӨЧҮРҮП САЛЫПМЫН

Неге көңүл куунак деди ойлорум,
Бүтүп жатты оңой курсовойлорум.
Сессияда жакшы болду эскербей,
Соцсеттерди токтотуп ай койгонум.

Атпай таңда маанай калчу бузулуп,
Батпай өксүк, кээде ичке буулугуп.
Жазбай калды десем андай досторду,
Вай-фай өчүп калыпмын го кутулуп.

Иштер көптөй, жетпесем да жарыштым,
Ийне-жиптей көзүн ачып жарыктын.
Издеп мени койбогондор деп жүрсөм,
Интернетти көрсө өчүрүп салыпмын.

## КЕТПЕСЕ ЭКЕН

Сегизин да тосуп алдык жадырап,
Миң күндөрдүн арасынан бакыт таап.
Ачпайын деп турсак дагы эшикти,
Тогузунчу март келатат жалдырап.

Казан-аяк, чөмүч, кашык чакырат,
Уйлар мөөрөп, кой-эчкилер бакырат.
Тогузунчу мартка өткүм келбейт деп,
Кыялданып көзүн жумат асылзат.

Тиргилиги укпайт назик үндөрдү,
Кирлерди жууп, тазаламай үйлөрдү.
Түш сыяктуу сегизинде калыптыр,
Жигиттери берген жыттуу гүлдөрү.

Чексиздиктин белгиси ээ сегизи,
Алып калыш керек болчу негизи.
Шашпай эле өтсөң болмок убакыт,
Бул сандын да жоктой бизден кеткиси.

Баягыдай окшош күндөр кайрадан,
Булбул бакта кез-кездерде сайраган.
Сегизинчи мартты узатып күтөм деп,
Тогузуна дем-күч топтоп баратам.

## КӨЙНӨКТӨР ПАРАДЫ

Көпчүлүктөн өйдөсүң,
Мага бүтпөс көйгөйсүң.
Сүйүү эле жыттанат,
«Сары» түстүү көйнөгүң.

Чалкып жаткан көлдөйсүң,
Сагынсам да көнбөйсүң.
Боздотту ээ дүйнөмдү,
«Боз» түстөгү көйнөгүң.

Кездешкенде көрөсүң,
Кең жайылган өзөнсүң.
Кетти уурдап жүрөктү,
«Көк» сызыктуу көйнөгүң.

Арман болсо өткөнүң,
Андан жаман өчкөнүң.
Аппак сүйүү сунууда,
«Агыш» түстүү көйнөгүң.

Булгап баёо сезимди,
Адамдар бар ырымчыл,
Алып кетет алардан,
«Галстугуң» кыпкызыл.

## ТУУРА ЭМЕС ОН ТОГУЗ

Күчтүү сезим сүйсө аны жел дебе,
Күтүү деген такалдымбы жебеге.
Махабатта оюн болбос аяган,
Сүйүп калдым, он тогузга келгенде.
Жан дүйнөмдүн көчөсүндө кызыгы,
Өсүп гүлдөр, жашоо күлүп кызыды.
Менин жашым кичинекей экенин,
Билдирбеди боюмдун эх, узуну.

Пайда болуп сүйүү улам кош ырдан,
Бөлбөй туруп, көбөйттүк биз кошуудан.
Барабардык туура чыкпай сүйүүдөн,
Кемитсем да болбой кетти боз улан.

Барабардык туура чыкпай баары бир,
Басып кеттик ашыкча көп кошуудан.

***

Көздөрүңдөн учкун жалын чачырап,
Сөздөрүң бал, таңды сүрүп аттырат.
Деңиз дүйнө, бир мезгилде алмашып,
Нурлар кошо ак жүзүңдөн чачырайт.

Күлкүң уксам, капалыгым жазылат,
Сезимдерим сен тарапка ашыгат.
Бүт дүйнөнү белек кылып берсең да,
Бирок сенин сүйүүң, мага табышмак.

## ИЗДЕ МЕНИ

Барбаганым дурус болуптур,
Сен чакырган ошол кечеге.
Тиктешмекпиз жалооруй карап,
Бетме-беттеп чогуу келгенде.

Титирешип колдор тийишмек,
А мен дароо тартып алмакмын.
Сезим кыйнап жүрөк эзилмек,
Кызаргандан оттой жанмакмын.

Байкап баары бизди сөз кылмак,
Карасаң деп, сөөмөй кезешип.
Бакыт издеп чогуу бараарбыз,
Сүйүү жолдон далай кездешип.

## СҮЙҮҮДӨН ДОКТОРЛУК ЖАКТОО КЕРЕК

*(Б. Карагулованын «Мен сүйүүнүн доктору» ырын улай)*

Толкуну сүйүүнүн каптап келет,
Тоолордой сүйүүнү барктоо керек.
Турмушта алмашып чарчадым деп,
Сүйүүнү акчага сатпоо керек.

Белгилеп махабат майрам күнүн,
Тизгиндеп бир күндө албоо керек.
Керекпи утурлап ар бир мүнөт,
Сууктан, ысыктан сактоо керек.

Адашып, өкүнбөй жаш сүйүүдө,
Махабат сезимин тактоо керек.
Жүрөктү толтуруп күч кубатка,
Сүйүүдөн докторлук жактоо керек.

## ДЕВИЗИМ СҮЙҮҮ

Учуруп мезгилдин назик гүлүн,
Ушундай эшикте азыр күүгүм.
Уламдан уламга кадам баспай,
Уудургуп кетүүдө каруу күчүм.

Унутсам эсимден кетпейт күлкүң,
Уу сымал өтүүдө ар бир күнүм.
Ушинтип күнүгө токтобостон,
Айласыз күчөөдө сага сүйүүм.

Таң менен сүрүлүп баратамын,
Сүйүүмдү өзүңө таратамын.
Жашоодо кечигип сүйүп алып,
Махабат «девизин» жаратамын.

## ЭМНЕ ҮЧҮН?

Шар аккан мөл булактай агыламын,
Шам сымал көөдөнүңө жагыламын.
Уурданып кирип алып жүрөгүңө,
Ушунча кө-өп ырларды жазып алдым.

Эселек кызсың десең күлкүм келет,
«Эсиң жок ээ сенин»-деп тургум келет.
Ошончо бийик чоку кыялдарга,
Эмне үчүн сени менен учкум келет?

## БАКЫТЫМДЫ АЛЫП КЕЛ

Көлдөй чалкып, дайра сымал агамын,
Издеп жүрөм ак сүйүүнүн аралын.
Сүйүү жолу бүтпөс, жетпес кең экен,
Көрө албадым махабаттын жамалын.

Ташка тийдим, бутум ооруп жанчылдым,
Таба албай сүйүү жолун кайгырдым.
Табаарымда, ак кар көкмөк музуңда,
Тайгаланып дагы кулап жаңылдым.

Сүйүү сени кайдан издейм табамын?
Айтып койчу кайда сенин кабарың.
Сүйүү издебе, бакыт изде дешет го,
Сунган сүйүү кайда жүрөт адамым?!

## КҮТ

Эргүү берген жүрөгүмдүн кубаты,
Эстүү жигит сенин сүйүүң кууратты.
Дарбазасын махабаттын кең ачпай,
Кайырчыдай тамчы сүйүү суратты.

Качан кезек келет менин сүйүүмө,
Жооп берем качан сенин сүйүүңө.
Терезесин махабаттын жаап кой,
Суук тийип калбасын дейм сүйүүгө.

Эптеп сүйүү гүл бакчасын карап тур,
Эрте туруп суудан куюп жарап тур.
Караңгыдан корккон аппак сүйүүбүз,
Мен барганда коркпой такыр калаттыр.

## БАШКАЧАСЫҢ

Көздөрүбүз чагылышып кеткенде,
Сүйүү ыры жүрөктөргө жеткенде.
Токтоп калып, чочуйм тартып колумду,
Башкачараак болуп кетем кысылып,
А сен мени сүйүп калдым дегенде.

Токточу азыр өзөн сууну кечели,
Күндөр келбейт эгер билсең кечээги.
Ийиниңе жөлөп алып башымды,
Жүрөгүңө артып сенин  ишенич,
Жер жүзүнөн тентип алыс кетсемби.

Көрсөм жаркын, жарык чачкан кезиңди,
Жоготомун акыл эмес эсимди.
Курчап турган сенин нурлуу сүйүүңдөн,
Сезем жашоо жыргал күндөр экенин,
А сен болсо ээритесиң сезимди.

## БАКЫТКА КАРАЙ

Менин жапжаш махабатым кири жок,
Мезгил менен башка менен иши жок.
Мейкиндикте ак сүйүүдөн дем алып,
Үмүт менен сүзүп жүрөт жиби жок.

Тийбегиле, учсун дагы чар тарап,
Билбегиле, багыт оту кай тарап.
Силер деле жүрөк көзүн ачкыла,
Жибергиле оттой жансын махабат.

Карагыла, дүйнө кезген сүйүү бар,
Байкагыла, бакыт көлдөн сүзүү бар.
Албагыла махабатты сындырып,
Алды жакта далай жүрүш бар.

## ЖИГИТТЕРГЕ КАЙРЫЛУУ

Кыздарда жүрөк жок дебе,
Намыска тийип кет дебе.
Кыз байкуш катып сүйүүсүн,
Жигитке айтпайт эмнеге?

Кыздарда жүрөк жок дебе,
Кылгыра тиктеп кектебе.
Биринчи айтса сезимин,
Билип ал жигит сен деле.

Намысты бийик коюшат,
Сүйүүсүн кыздар жоюшат.
Сүйгөнүн бетке айталбай,
Бөлөктүн жары болушат.

Жигиттер силер билгиле,
Сөзүмдү эске түйгүлө.
Сезимин баалап гүлдөрдүн,
Кечикпей сактап сүйгүлө.

## АЛЫСПЫЗ

Көңүлдөрдү эркеликке бөлөппүз,
Кош айтышпай ой-тилекке жөлөкпүз.
Кол кармашып жүрсөк бизди көралбас,
Көп адамдын арасында бөлөкпүз.

Тынчый албайт көрүшпөсөк санаабыз,
Көздү көздөн бөлүштүрбөй калабыз.
Кыя тиктеп тургандардан түңүлүп,
Жабык турат акыл, жүрөк канаабыз.

Жылдызы жок түндө деле жарыкпыз,
Өткөн ар бир күнүбүзгө калыспыз.
Жыйырманчы кылым артта калгандай,
Биз экөөбүз алда канча алыспыз.
Бул дүйнөдө жакын эмес, алыспыз...

## СЕЗИМДИН КЫЙКЫРЫГЫ

Сүйүүм кимге, кимге менин убалым,
Жүрөк уруп тизе бүккөн убагым.
Жеткиресиң же утасың маарадан,
Жеңиш сунчу махабаттан кудайым.

Дайраңа мен, кеттимби агып жарыктык,
Сүйөм, сүйбөйм деп айтпастан жарыштык.
Макул десем, бир тал ушул сөзүмө,
Миңдер каршы кайда анан калыстык.

Сынат бирде, жашоо деле жалп өчөт,
Сынап бизди кары-жашы баары өтөт.
Арман кечип, кетип жаткан сүйүүдөн,
Башыбызга бардыр конгон бак-дөөлөт.

Сура, изде, сырдашып кал ырларым,
Сезимдерди силерге эх, ыйгардым.
Чырпык чынар болгучакты сүйүүдө,
Тамырыңа шек келтирбейт ыйманым.
Тамырыңдан агып өтөөр ырларым...

## МАГА ЖАГАТ

Сөздү тандап, гүл үрөнүн эккениң,
Көңүл буруп, а күлгөнүң эмгегиң.
Мага жагат айрылыштан бурулбай,
Автобуска салып анан кеткениң.

Жакшылардан издеп сени жүрүшүм,
Ошол деле кошкон менин үлүшүм.
Келген сапка мээримдүүлүк тартуулап,
Сенден гана эргүү алып күлүшүм.

Жоголбостон булак болуп акканың,
Жылуулукту жүрөгүмдөн тапканың.

Жагат мага басып кетсем байкабай,
Жол чырактан колум кармап тартканың.

Сөздү тандап, гүл үрөнүн эккениң,
Көңүл буруп, а күлгөнүң эмгегиң.
Мага жагат, жагат мага баарынан,
Автобуска салып анан кеткениң.

Сени ойлонуп автобуста кеткемин...

## СҮЙҮҮ МАГА ЖАБЫШПА

Ак барагым ырга толуп жазылса,
Ак мөңгүлөр суудай ташып агылса.
Азап берип ал ансайын азгырып,
Аппак сүйүү жолум тосуп жабышпа.

Ашыктырып кеткиң бар ээ учурдан,
Жаштык күчүм тээ алыска учурган.
Кайгы-муңду алып таштап жүрөктөн,
Калаар белең сактап сүйүү ушундан.

Обон созуп оюңду миң жаңыртпа,
Оо күндө эле кездешпечи жаңы ырда.
Өртмүн өзүм, сени дагы күйгүзөм,
Ошол үчүн сүйүү мага жабышпа.
Ошондуктан алсыз сүйүү жабышпа...

## КӨҢҮЛДҮН ЭЗИЛГЕНИ

Капалуу күндөрдөн тунуйм дагы,
Үйрөнүп баратам унутканды.
«Дүр-р» этсе, сен жактан чалуу мага,
Көтөрбөй таштадым трубканы.

Нур чачкан кызымын деп атамдын,
Узактан күн болуп келатамын.
Булуттан жашынып, кээде чыгып,
Сүрдөнөт, сүйө албайт мени атагың.

Тескөөчү болбосоң майдаланып,
Тез өтчү машинең айдап алып.
Туптуура ал жолдо сагыныч бар,
Кезигем башкага кайда барып.

Жылуулук сүйүүнүн сездиргени,
А бирок жакпады эскиргени.
Чыпалак эшикке кыпчылса азап,
Кандай ээ жүрөктүн кесилгени.
Көңүлдүн жаман эх, эзилгени...

## КҮНДӨЛҮК

Махабатты табуу бакыт өз элден,
Бирок айтуу кыйын тура сөз менен.
Сиз тартуулап, сунган ошол китепче,
Сактап жүрөт суук караган көздөрдөн.

Сырдашымдай элестетем дептерди,
Кыялданып чогуу өткөрүп кечтерди.
Сезимдерди айтууга оң аларга,
Сизге айтпаган сиз укпаган кептерди.

Жакшы-жаман аралашын бир көрүп,
Жарды жүрөк менен турам миң өбүп.
Жазып кал деп, сагынычтын күндөрүн,
Жалгыздатпай жүрөт мени күндөлүк.

Жапжаш сезим менен көңүл бурганым,
Сүйүү көлгө алып учкан тулпарым.
Колум кармап, катуу кысып карма деп,
Тартуулаган күндөлүк эх, тумарым.

Куса болуп, көзгө жашым келгенде,
Ырга толуп ыйлаба деп турарым.

**ЖОЛУКСАМ МАХАБАТКА**

Сезбестен көңүлдүн жараттарын,
Жүрөктү таштан бар жасап алгым.
Керемет дүйнөсүн аруулантып,
Кездешким келет эх, махабатым.

Жыйналбай чачылган толгон ойду,
Жыйнактап күч берген тоолор болду.
Жолугуу эшигин канткенде ачып,
Кыйналбай жеңемин тоскоолдорду.

Жарыгын калтырып кадамдарым,
Жалт карайт мен билген адамдарым.
Эңсетип, а бирок таштап барат,
Ээрчитпей жыргалга махабатым.

**ТАҢ КАЛУУ**

Аянычтуу бүркөө тартып кабагым,
Аяп кеттим, бурулдум да карадым.
Азгырыктан көзүн ачпай махабат,
Калса экен деп ойготподу карааным.

Жүрөк башка, акыл башка, мен башка,
Күткөн оюм агылууда көз жашка.
Бүткөн боюм бир дан болуп жыйрылып,
Багынабы сүйүү деген ээнбашка.

Уйку көрбөй атууда ар таңдарым,
Ууз сүйүүдөн үйлөп ичтим тамшандым.
Учкунан чачыратып жыргалды,
Бүтпөй турган ачуусуна таң калдым.
Сүйүү сунган сезим ачуу таң калдым...

## ОШОЛ МЕН

Мени кетти калдым дебе ыраакта,
Мээнетимди унутту деп кыйналба.
Күндө сени кечте карап суктанган,
Билигиңмин, бүлбүл жанган чыракта.

Кооз ырларды жазсаң деле кача миң,
Коштошуудай болуп чыкса кантесиң.
Сагыныптыр, тартчу өзүмдү сүрөттөп,
Сол чөнтөктө турган жалгыз калемиң.

Багыты жок ойлор жакка бараттың,
Баш-аяксыз көйгөй сага жараттым.
Эргүүңдү да, тосуп алып кубанган,
Колуңдагы менмин ошол барагың.
Менмин ошол төрт бүктөлгөн барагың...

## КЫЯЛЫМ БАР

Менин бир кыялым бар,
Аны ким орундатат.
Мезгилдин сыясындай,
Кооз сүрөт, ырын тартат.

Пай-пай эй, суранычым,
Пайдасы тийбейт окшойт.
Жүрөктү турсам тыңшап,
Кусанын күүсү ойнойт.

Ийниңиз жөлөп турса,
Сагыныч башын тиреп.
Ишеним көңүл бурса,
Кетмекмин бакыт тилеп.

Менин көп ойлорум бар,
Мезгилди ойлондурар.

Кучактап тура албай,
Кусадан толгон муңдар.

Менин бир кыялым бар,
Бир мүнөт башым жөлөйм.
Сагынчым таркап кетсе,
Билгизбей басып жөнөйм.
Менин эх, кыялым ал...

**КАТ**

Аздектеп карекке батыра албай,
Ак сүйүү багына чакыра албай.
Жиберип катымды жообун күтүп,
Жибидим бир келген бакытымдай.

Жүрөгүм жүдөтүп үнсүз кагат,
Булуттар каптаса күнсүз калат.
Кечиккен билдирүүң бир заматта,
Сүйүүмдөн үмүттү үзүп барат.

Маңдайга жазылса эмне айтам,
Баш ийкеп жолума эрте кайтам.
Белгисиз жоголгон ал катымды,
Берилип тагдырдан издеп жатам.

Кусалык дилиме жүрөт батпай,
Кубарып турса да жүрөк айтпай.
Кубанып мен жазган каттын жообу,
Күттүрүп ээсине жүрөт кайтпай.

Калдык биз жүрөктөн кат жазышпай...

## БОЛГУМ КЕЛЕТ

Кезиге албай эх, дербиш жүрөк,
Керемет күндөрдөн кемип жүрөт.
Жолукчу бакыттын бир тамчысын,
Кымбатым ак сүйүү сезип жүрөт.

Буулуккан жүзүмө жарыгың сеп,
Бурулуп заматта алдым эстеп.
Сагыныч көлүнөн өтсөм сүзүп,
Кубаныч тартуулайм миң эселеп.

Майда аска башкача ойдуң делет,
Маарада көп ирет болдуң демек.
Тагдырга жолугуп калсам эгер,
Талашпай салмактуу болгум келет.

Жашырбай жол салып сүйүүм үчүн,
Жашоодо бактылуу болгум келет.

## ЭПТЭЭР БЕКЕМ

Күчтөнүп туруууга келбей чама,
Күчүмдү жоготтум канчалама.
Кулагым келүүдө тоо ташындай,
Жолумду тосууда арча гана.

Мыйзамын жашоонун бузгум келет,
Махабат суусунан жуткум келет.
Маанай жок, чөл болуп какшыганча,
Мезгилди жыга чаап уткум келет.

Дүйнөгө мен деле кептелбегем,
Канаты бар эмне кептер белем.
Ойлордон ойготуп жиберишсе,
Сүйүүгө илешип кетээр элем.

Үстүмдөн муздак суу бүркүп өтсө,
Оңбогур сүйүүнү эптээр элем.

## БИР ЖЫЛМАЮУ - ТҮБӨЛҮК

Көп адамдар ак сүйүүсүн бекиткен,
А кыйласы ырахатын сезишкен.
Буркан-шаркан түшкөн менен дүйнөгө,
Махабатын көрбөй өтүп кетишкен.

Жүрөк сүйүп тандабастан мезгилди,
Жүрөм сүйүп азгырылып мен сизди.
Эң алгачкы ууз-сезимди унутпай,
Сактап өтөм, ушул айды кеч күздү.

Чындыгымдын жашырмакмын эмнесин,
Айтып турам махабаттын келмесин.
Ашыктырып алды-эсти оодарса,
Ал сүйүүгө мен күнөөлүү эмесмин.

Жетмек мага бир жылмаюу түбөлүк,
Керек экен дал ушундай күбөлүк.
«Жети өлчөп, бир тыянак чыгар» деп,
Сүйүү жолдо турат тосуп үч бөлүк.

## ЖАҢЫЛАНУУ

Кантип мурда күндү ансыз өткөргөм,
Жашоо элек, жакшыларды өткөр дейм.
Кыйла адамдан бийик коюп дал өзүн,
Кыялданып жашоону эх, эп көргөм.

Саамайымдан шамал, жамгыр, жел согот,
Сагынычым бир таркалып кетти окшойт.
Жан дүйнөмдү күтүлбөгөн сыр каптап,
Жаңылануу жүрөгүмө жетти окшойт.

Турган менен алаксытып сезимди,
Туура тандоо түшүнүгү жеп кирди.
Ойноп жүргөн ой-кыялды тизгиндеп,
Аруулукка махабатым жеткирди.

## ЖЫРГАЛ ЭМЕС, БАР АЗАП...

Укпайт жүрөк акылымдын айтканын,
Ойлой берип көтөрүлдү кан басым.
Жашын төккөн жаш сүйүүнү жаратып,
Каарманымды саптарыма каткамын.

Чаң баскан из, сүрттүм аарчып, тазалап,
Ашык сезим, өрттөйт кайра жазалап.
Чыдаар бекем чыйрыктырган сөздөргө,
Чын сүйүүдө жыргал эмес, бар азап.

Калбас бекем, калбас бекем айрылып,
Калаар балким, артыбыздан ай чыгып.
Калсын анда түбөлүккө бизден миң,
Күн бүгүндөй ыр тарыхы айтылып.

## НЕ ДЕСЕМ

Ыр менен ыйлаган сүйүү тамчы,
Сүйөөрүм чын эле күзүм айтчы.
Махабат күзөтү тоспо өткөр,
Оюм жок артыма кайра кайтчу.

Күчүмдү чыгарып, муз ызгаардан,
Күлкүм да жаңырып, муң ызадан.
Кыяктан, комуздан кайдан билбейм,
Тапкым бар, сизди издеп музыкадан.

Кездештик, бирок жок багытыбыз,
Жер кезип, кетүүдө бакытыбыз.
Сүйүүнүн балыгын кайырмактан,
Чыгара албаган балыкчыбыз.

## КҮЗДӨ ГҮЛДӨГӨН ДАРАК
*(котормо)*

Күткүн десе, күтпөгөн тарап,
Үмүт үзбөй күндөрдөн карап.
Сүйгөнүмдүн арзуусу себеп,
Күздө жалгыз гүлдөгөн дарак.

Армандарды шамалга үйлөп,
Жолуккан кез калчубуз сүрдөп.
Кетээримди турса да билип,
Күздө калды бир дарак гүлдөп.

Сен муңумду өзүң билесиң,
Ар демимде жашайт мүнөзүң.
Төрт мезгилде түбөлүк калып,
Кеч күздөгү дарак гүлдөсүн.

Махабаттын таңдары аппак,
Калбаса экен көңүлдө кир, так.

Менсиз сүйүүм жашашы үчүн,
Мени кечир гүлдөгөн дарак.
Менсиз сүйүүм жашашы үчүн,
Күздө калды гүлдөгөн дарак...

***

Ушул күздө көп нерсени түшүндүм,
Бири оң да, бири туура түшүмдүн.
Кубанычтан кусаландым, сагындым,
Баркын билдим, жазылбаган сап ырдын...

## САГЫНУУНУН ИЛЕБИ

Кызыгы кетип дүйнөнүн,
Кыйла бир мезгил түйшөлдүм.
Жылмайсам да болбойт ээ,
Көңүлсүз эми күндөрүм.

Алаксып жүрүп унуттум,
Арзуудан жашты куруттум.
Анча эми болду сизди да,
Келип бир жүрөт унуткум.

Өчүрө албай сезимден,
Тунжурайм турган жеримден.
Сагыныч отун күчөтүп,
Саргайдым жаштык кезимден.

Өтө эле сузмун, алсызмын,
Өмүрдө азыр жалгызмын.
Ишээнчек жүрөк сенде айып,
Ушунча катуу сагындым...

## БИР ОЙДУН ТЕРЕҢИНДЕ

Күлкүсүн эстесем сабагымдан,
Шашып бир чалынып тарайм ылдам.
Баскан из угулса таанышыраак,
Бийиктен, а кээде карайм кырдан.

Бүгүндөн тартуулап жарыгымды,
Эсине салдым да, жаштык ырды.
Бөлүшүп өтүүгө көнгүм келди,
Бөксөрбөй толкуган жаштыгымды.

Чыдабай кусага ашык болгон,
Чындык бар чыгат ал асыл ойдон.
Тек гана сезимдер тепселбесе,
Тарыхта калабыз жарык бойдон.

## ҮЧ ЧЕКИТ

Жолдор көп, кечүү кечип, кайра табам,
Жолуккан күнү учуп кайраттанам.
Ээликкен эс-акылды алып кетет,
Ээрчитип ээси аны кай тараптан.

Үтүрдөн үмүт үзгөн чекиттемин,
Үйүлгөн көргүм жок үч чекиттерин.
Көрүнбөй кетериңди билгенимде,
Көзүмдү жүрөгүңө бекитмекмин.

Алдаган күндөргө да кубанчумун,
Акпаган суудан буруп сугарчумун.
Керекпи? Керекпи ушул? Керек экен
Күчүмдү махабаттан чыгарышым.

Арасы узун чийме шордуулардын,
Карасы багынанбы жолдуулардын.
Чындыкты менден издеп чыга келсе,
Бакыты болом эрте жолуккандын.

## ФРОНТИСПИС МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Тизгини жок. Тизгичи жок. Коюуга,
Сен китепте, китеп менде колумда.
Сүйүүбүзгө орун да жок. Ойлор көп,
Түндөн корккон «Фронтиспис» койнумда.

Анан кантсин, жанында эмес, махабат,
Ал мезгилдер өткөн өңдүү мага бат.
Эрте менен «Maccoffeeге» ээриген,
Экөөбүздүн сезимибиз накта кант.

Сары майдай сакталганбыз карынга,
Жазын дагы, көрдүк аппак карын да.
Карышкыр бол. Бүркүтү бол жүрөктүн,
Кагылайын том-том болуп кал ырда.

Карышкыр бол. Бүркүтү бол жүрөктүн,
Китеп болуп түбөлүккө кал ырда.

## ЫЙЛАДЫМ

Кетсем болмок, кете албадым, кыйбадым,
Ирээттелбей, нечен жолу кыйналдым.
Махабаттын учагында баратып,
Кубандым да, кучактадым ыйладым.

Жүзүмдөгү жашты сүртөт, жакшы ырың,
Кандай күндө өткөн билбейм жаштыгың.
Сүйүп күткөм, узаганча акыры,
Сүйүнгөндөн сүйдүм дагы жашыдым.

Эми мезгил, берип сезим сыйласын,
Эсимде жок, төккөм жаштын кыйласын.
Элим-жерим, энем-атам, сен үчүн,
Эх, жүрөгүм сүйүнгөндөн ыйласын.
Мен силерди сүйүп калып ыйладым...

## СҮЙҮҮ САБАГЫ

Таппай айла, кайра-кайра өзүмдөн,
Сүйгөн күндү, эстегенде кызгандым.
Батпай санаа, башка-башка бүлөөгө,
Кеткени эх, салты беле кыздардын.

Анда неге? Сүйдүрүшөт. Өрттөшөт?
Сүйүнүчтөн эң биринчи кечигүүм!
Кичинемде көрөсүң го дешкендер,
Кечир дедим. Көрдүм ооба, кеч билдим!

Сагынычтын күчү чексиз көрүнбөйт,
Сабагынан алыс түшпөйт алма да.
Жашоодогу бөлүнгөндү үйрөтүп,
Сабак болуп кала берди ал мага...

## ИРМЕМ

Бой таштап сүйүүнүн жалынына,
Карасам жылдыздай жаңырдымда.
Илебиң имерип назик өпсө,
Айланып кеткендей жаным ырга.

Бүтүндөй дүйнөмө сүйүү үрөн эк,
Бүт санаам ошондо эңшерилмек.
Жаралуу сезимим канат байлап,
Аргасыз алаксып белегим дейт.

Жөн койчу, токтотпо сүйүү агымын,
Жолугуп узак эх, сүйө албаймын.
Сүйүүнүн шаарына төңкөрүштү,
Жасоого жол бербейт намыс, арым.

## БОШОТКУМ КЕЛБЕЙТ БИРОК...

Кептелип алган өңдүү, элесиң мени менен,
Кез-кезде карап турсаң, төгүлгөн мээрим менен.
Артыма бурулбастан, бөлүшпөй бакытымды,
Артынып мойунума узакка алып кетем.

Сен деген махабатты сенден да кызганамын,
Эркимди тушап алып, эртеси ыр жазамын.
Буйрубай турсаң дагы, көздөрүң көрүнүшүп,
Бузууда түн уйкумдун серпилтип ыргактарын.

Сүйүүдөн жаңыланып, сүйүүдөн кусадамын,
Билбеймин жүрөгүмдүн же сени кучактаарын.
Өтсө эгер убакыттар, өчүрүп жалынымды,
Кол сунуп сезим гүлүн бийикке узатамын.
Сүйүүнү эркиндикке бир мезгил узатамын...

## ЖӨН ГАНА САЛЫШТЫРУУ

Баш тарттым сүйүүм үчүн, азыркы учурдан да,
Оорудан, оюндардан, үшүткөн суукtan да.
Унутат дешти мени, убакыт өтсө эгер,
А бирок, андай болбой махабат жулунууда.

Жүрөктө сезим кайнап, акылды күчтөп жеңет,
Бал тилим бакыт тилеп, күндө эх, сүйлөп берет.
Билемин менин сүйүүм, сизге абдан оор келүүдө,
Чыныгы махабатты өтмөксүз билбей демек.

Китепте жазылгандай, сырлардын күчүн кара,
Кири жок ак баракты, кармадым бүгүн кайра.
Алоолоп жаңырууда алардан күчтү сезим,
Айтматов сүйүп өткөн эсимде Бүбүсара...

## КАНТИП АЙТАМ

Мамилем өзгөрүп баштагыдан,
Маанисиз болсо да баштайм ырдан.
Жүрөктүн өтүнүч катын алып,
Жолуктум махабат бакчасынан.

Түшүнүп оюмду турсам дагы,
Түз жолду маекти курсам дагы.
Жаштыктын ыпысык илебинен,
Сагыныч көз жашы кургабады.

Кусадан дүйнөмдү тилип алгам,
Кыялдан гүлдөрдү тигип алгам.
Мен сизди «жакшы эле көрөөрүмдү»,
Сезимге ишен деп кантип айтам.

Мен сизди башкача көрөөрүмдү,
Мезгилге, жаштыкка кантип айтам.

## САГЫНЫЧТЫН СУУСУ МЕНИ ЧАҢКАТКАН

Күткөнүңүз болсо керек, жакшы кыз,
Бүтпөс кайрык, ырлар менен жакшыбыз.
Кыйыр сүйлөп, күлө баскан жүрөктүн,
Көңүл сырын билбейм кантип жаздыңыз.

Сезимимден кышта сүйүү гүл өндү,
Кайгы-муңдар үйрөтүүдө күлгөндү.
«Ясин сүрөө» тура билдим акыры,
Колго алган куранымдын жүрөгү.

Намыстанып түшпөй кетип кур аткан,
Нагыз сүйүүм азыр мени кууратkан.
Бизди сынап жибергендир кудайым,
Ортобузду бөлүп турган куректан.

Саптар калат, кездешүүдөн чаң баскан,
Сапар карыйт, жолдун баарын чаңдаткан.
Сабырдуулук сүрсө деле өкүмүн,
Сагынычтын суусу беле чаңкаткан.

Тилим көндү сүйүү чачкан келмеге,
Тирөөчүмүн сезимиңе мен деле.
Ырды уучтап жетелешкен колубуз,
Тилегеним жетсин ыйык Меккеге.

## УНУТУУ МҮМКҮН ЭМЕС

Ойлорум сиз деген карыш жылбас,
Мени бу сүйүү азап айыктырбас.
Ашыккан үнүмдү укпасаңыз,
Чыгыштан күн дагы жарып чыкпас.

Убакыт кармалып тура алгыс,
Жолукчу үмүтүм кургак алсыз.
Миң ирет жылмайып турган менен,
Бир болчу жолубуз узак алыс.

Коркунуч сезимдер каптап турат,
Күздө да күн ысып аптап урат.
Мендеги аруулук эстеп сизди,
Жүрөккө «тыз-з» этип батпай турат.

Сырларым тепкилейт көөдөнүмдү,
Сырдашкым келди го көргөн күндү.
Унутуп, алыстап кете албасмын,
Ушундай аректи көргөнүмдү.

## ЖЫЛУУЛУК ТАШТАП КЕТИҢИЗ

Сезимдерге төбөм жетип башым маң,
Сизди дале чыгаралбай башымдан.
Ишиңизден алаксытпай дем берип,
Издей берем түгөнбөгөн жакшы ырдан.

Карегимде сыйкыр күч бар жашынган,
Жан дүйнөм да, тазарууда жамгырдан.
Оо мурда эле тапкан сыңар өңдөнөм,
Окуганда өзүңүздү жакшы ырдан.

Капалуумун батпай турса минтип сыр,
Алаксытып аткан таң да кызыктыр.
Алда канча мүнөздөрдү көргөн соң,
Жаралчудай жашоого да кызык ыр.

Сурайм кээде кезек күткөн ырлардан,
Сезип турсаң келе жатып ырга айлан.
Жылуулукту таштап өтүп кетиңиз,
Жыргап окуп жүрөйүнчү мыкты ырдан.

## ЖҮРӨКТҮ ТОКТОТПОҢУЗ

Кармагым келди эле от чачкан колуңуздан,
Чиркин ай, өбөөр элем мен бүгүн оозуңуздан.
Кездешип турган менен жолугуп жакындоого,
Жарк этип жануу бирок келбеди колубуздан.

Эмнелер учуп өттү, жөнү жок оюбуздан,
Кээ бирлер тура берди кетпестен жолубуздан.
Таарынгым келип турат, таарынам кимге бирок?
Табылбай жүрсөк керек сүйүүдө жогубуздан.

Ушинтип барып-барып, махабат жок болобу,
А мага ким үйрөтөт, жакшыны жоктогонду.

Сиз эгер билбесеңиз, сезимим чын экенин,
Эх анда мына ушул жүрөктүн токтогону.
Сезимим чын экенин, сиз эгер билбесеңиз,
Сел болуп агып өтүп, жашоомдун токтогону.

## БАРГАН САЙЫН

Биз жолукпай жүрөбүз шарт ушундай,
Жүрөгүмдө калууда күз, ушул ай.
Биздин сезим эч кимге билинбеген,
Ошол үчүн турат да шаар бузулбай.

Бүгүн эмес, ал гана эртең эмес,
Буйрубаса тагдырым эч нерсе эмес.
Турмуштагы кысталуу болбогондо,
Калмак тура бактылуу бир ыр элес.

Күчкө толуп сезимим барган сайын,
Күтүп коюп жолумдун ак таңдарын.
Сиз тарапка тартылып бара жатам,
Миңдер мени сүйбө деп айткан сайын.

Турмуштагы кысталуу түртөт сизге,
Мени миңдер сүйбө деп айткан сайын.

## МЭЭРИМИҢИЗ КЕРЕКТИГИН ТҮШҮНДҮМ

Айтайынбы? Сиз жок бүгүн үшүдүм,
Жалбырагы сыяктанып күзүмдүн.
Муздап калган гүлдү алып колума,
Жылыттым да, келбей турду түшүргүм.
Жылуулукту издеп таппай жүргөндө,
Мээримиңиз керектигин түшүндүм.

Сууга «былч» деп түшкөн сары чымчыкты,
Сууруп алып көккө карай учурдум.
Жетелеген сөздөрүңүз жыпжылуу,
Мен ошону эстеп турган учурум.

Бул жолумда кадамдарым кай тарап,
Уттум балким же болбосо утулдум.

Шар суулардай токтобогон ой болот,
Бурулса да бар тарабы оң болот.
Качып турсак, деле бирок, баары бир,
Кайтып бизди кездештирчү жол болот.
Катыгүн ай, менин күткөн асылым,
Каршы күндөр. Качан? Кантип? Жок болот?!

## СҮЙҮҮ КҮЧҮ

Укпай басып баратсам да жылгадан,
Ушул жылым эң өзгөчө жылдардан.
Сизди мага, мени сизге көргөзүп,
Сүйүү күчү киргизүүдө ырга жан.

Эх, махабат жүрөгүмө кыл арткан,
Элжиретип нур жүзүмдү кызарткан.
Менин жолум кээде от да, кээде муз,
Татаал тандоо, сүйүү менен кыр ашкан.

Туман. Бороон. Сизди ойлосом баары шаң,
Түрдүү кыял, айланууда башымдан.
Мен болгону бакыт сунуп өтөөрмүн,
Сүйүп сизди, жакшы көрүп баарынан.

Махабаттын жолу ушундай кызык да,
Бара албайсың, бир чекитте, сызыкта.
Тоодой жүрөк менен сүйүп чыкпасаң,
Кала берет экенсиң да кычыкта.

## МУЗДАК ҮЙ

Муздак үй. Денем от. Көзүм жалын,
Музыка ыргагы бузуп баарын.
Мендеги сезимдин ээси бирок,
Жанымда жок үчүн буулугамын.

Күч берип ансайын сүйүү жалын,
Жүрөгүм бөлүнүп жарым-жарым.
Жүдөгөн махабат көрккө чыкмак,
Келүүдө мен сизге жакындагым.

Ойлордун сапырып сары чаңын,
Ой менен өтөбү жаштык чагым.
Жол жакка тигилип карап турсам,
Бул менин сизди эх, сагынганым.

Муздак үй. Денем от. Көзүм жалын,
Мен сизди баары бир сагынамын.

## БҮТПӨС ПОЭМАСЫЗ

Бүткөн боюм титиреп барып анан,
Бир «селт» этип, чочуду багытынан.
Тээ кылымдан келаткан сыяктанып,
Биздин сүйүү назик ээ бал жыттанган.

Кача берем, кууса да окшоштуктан,
Махабатым, тигине ошол турган.
Башкачасың деп атып, карап улам,
Сүйүп мени калдыңыз ошондуктан.

Түйшүк арткан кээ бирде сезим башка,
Түшүп алып чоң жолдо бара жатса.
Күлөм, ыйлайм, ортодо ысыйм, үшүйм,
Сиз «поэма» болсоңуз, окуйм жатка.

## КӨРҮШПӨГӨН КАРЕКТЕР

Бактылуу жол мага түгөнбөгөн,
Бакытым үчүн да күрөшпөгөм.
Сезимди бар эми кайрып алгам,
Сиз жокто деле мен күн өткөргөм.

Талпындым тар жолдо канча ирет,
Тагдырым, ырларым баары билет.
Сүйүүмдү ээрчитип бара жаттым,
Көрүүгө мен сизди акыркы ирет.

Жүрөгүм ыйлады, жабыркады,
Жүр дедим, өчүрбөй жалындарды.
Жүз жылдан соң балким эскерилээр,
Жүзүмдөй сүйүүбүз биздин таттуу.

Гүлдөрбү? Дирилдеп кайгырышкан,
Тоолордо ак сүйүүм жаңырышкан.
Махабат толкунун тосуп алып,
Адам көп, мага окшоп жаңылышкан.

Курсагым сүйүүгө тойбой ачкан,
Кыйналып сезимдер жарды ашкан.
Сагыныч, кусаны артам дагы,
Сиз менен коштошом айрылыштан!

## МЭЭ ЖАНА МЕН

- Эмне үчүн кыш мезгилин сүйөсүң,
Кышта деле жыргап коюп жүрөсүң?

- Билесиңби? аппак карда эмне бар,
Кышта калган сыяктанат жүрөгүм.

- Жаз, жай турса ашыгасың сен күзгө,
Махабатты таптың беле кеч күздө?

- Суроолоруӊ түйшөлтөт да акылым,
Сүйгөм аны, мени сүйгөн акыным.

- Ырас, мезгил сезимдерди тандабай,
Кимди сүйдү, суукка дагы карабай?

- Жүрөгүмдү уурдап алган бирөөдүр,
Жүрө берем аны сүйүп бир өмүр.

- Билем сенин туруктуулук жайыӊ бар,
Сүйдү бекен сени дагы жаӊылбай?

- Калганына бошогондо жооп берем,
Канча сөздөр калды менде айтылбай.

Акылымдын курчоосунан айланам,
Антсе деле ал адамга байланам.
Сүйүү болуп жааган сымал өӊдөнөт,
Эшиктеги мелтиреген кар анан...

## ГҮЛ ТАРТЫП КЕТИӉИЗ МАХАБАТТАН

Себебин билбейт жүрөк жактыруунун,
Сезими баш ийбеген ал учурдун.
Мелмилдеп, көзү ачылган жаш булактай,
Мен сизди сүйгөн үчүн бактылуумун.

Сүйүүгө барбы, жокпу убактыӊыз,
Сүйлөшүп багыт ойду уланттыӊыз.
Ажайып коолдугундай айтып бүтпөс,
Алайдын тоолорундай кучагыӊыз.

Күн болуп, күндө чыгып, ээлигиппиз,
Муз болуп түбү акыр ээридик биз.
Гүл тартат жүзүмө от махабаттан,
Бир ирет жакындаса эриниӊиз.

## КӨҢҮЛСҮЗ ЖҮРӨК

Көңүлсүз көчө. Көңүлсүз бөлмө жана мен,
Көзүмдү жумдум. Кирпиктен жашым кулады.
Эшигин ачып. Ээлигип сырттан чуркаган,
Эстетип аны, жүрөгүм бул түн сурады.

Ким айтты мени, кайгырбай күлүп жүрөт деп,
Илебин муңдун күлкү-шаң турат тазалап.
Бекитип кайгы, санааны койсом карабай,
Жараткан сунат, жылмаюу берип жазалап.

Илинген сүрөт. Бейкапар турат билбестир,
Жаш эле туруп, кайгынын досу болгонум.
Өчөт да бир күн эсимде калам дебессиң,
От болуп күйүп, жалындап сүйгөн бойдонмун.

Көңүлсүз шаар. Көңүлсүз жүрөк жана мен,
Махабат даамын билбеген кечээ бала элем...

## КАЙГЫДАГЫ КУБАНЫЧ

Жылмайганда дүйнөсү анын жашарат,
Кубанычтан каректерим жаш алат.
Сүртүп салып элдин сөзүн жүрөктөн,
Биз экөөбүз ошол таңда жашасак.

Көлдүн ашат, сүйсөм сүйүп ташкыны,
Ак сүйүүгө чакырсак ээ жалпыны.
Каршы багыт курчап турган чөйрөдөн,
Таппайт жүрөк эми сиздей жакшыны.

Күндө күтүп, казып алчу кен элем,
Сүйүү жактан, сүйүп калып кең элем.
Күүсүн чертип, ыйлайт бирок, баары бир,
Кайгы сага кубанчымды теңебейм.

## АЙДАГЫ ЖАШ МАХАБАТ

Айдан алып жылдыз таккан чекеме,
Бакытыма жеткен ошол чек эле.
Бизди кошуп, кайра алып муң берип,
Жаратканым махабаттан чектебе.

Түнгө катып, түнгө айтып сырдашып,
Үнгө кошуп, олтурчубуз чынды айтып.
Мезгил өтүп, аралыктан кысылган,
Менмин ага, күнөөсү жок чын ашык.

Тилеп бакыт. Тилеп өмүр. Бата алгам,
Жамгыр болуп көзгө тамчы жаш алгам.
Билип туруп, бирикпеген жолдорду,
Сүйүп калып, «жолбундарча» жашагам.

Терең эле чумкуп кетип чыкпаган,
Жетпегенге ушул сөзүм чылк арман.
Түртүп таштап көөдөндөгү кордукту,
Түнгө катты. Айга узатты чыгармаң.

Басчу болду. Ойго салып, кара бат,
Баркы кеткен күндөр өтүп мага бат.
Колун булгап, чын дүйнөдө кездешем,
Деген бойдон калды жапжаш махабат.

Ээликтирген. Эс-акылды түгөткөн,
Эсен болсун. Айдагы жаш махабат...

## КӨҢҮЛҮМДҮН КӨЧӨСҮ

Бири суусап, бири куурап, бири өсөт,
Дагы бири айтып жүрөт калп өсөк.
Баткак, ылай көчөсүндө бараттым,
Бакыт таппай калса көңүл жалп өчөт.

Сезимимди аябастан канаткан,
Жаш болдум да, мас болдум да шараптан.
Курчтугумдан кутулбаган акыйкат,
Чындык үчүн чыдай албай шар аккан.

Нур тийгенде ачылган көчөтү,
Канча ирет бул тараптан көч өттү.
Арызданган жүрөгүмдү жамандап,
Анык ушул көңүлүмдүн көчөсү.

***

Төгүп тынбай, мейли жазда кар жаасын,
Көйгөйү бар бүтпөчүдөй ар жандын.
Көкүрөккө батпаган соң сезимди,
Күркүрөтүп көк асмандан жар салдым.

Кандай учур болсо дагы жанып чык,
Калтырбастан, караңгыдан алып чык.
Махабаттын булагына кошулуп,
Мен тарапка бир күн сөзсүз агып чык.

Акысы бар. Көрсүн мейли көз деле,
Айтылууга көбөйгөндүр сөз деле.
Жасап күлүп, жарды жалгыз жүрөккө,
Жакыныңдай боло албайт өз неге?

Сүйүү жели, сол чекемден учуруп,
Карегиме турчу сенден кут уюп.
Алаксыган менен акыл башкага,
А жүрөгүм кеталбады кутулуп.
Ал сүйүүдөн кеткен жокмун кутулуп.

## БОШТУК

Керебетиң турат бирок, жок жууркан,
Мойнуңдагы көкмөк шарфың көк курткаң.
Жээкке уруп, түрткөн менен баары бир,
Биздин кыял, максатыбыз көптү уткан.

Алдыбызда узак-узак жол турган,
Ал гана эмес, билем сендей жок тууган.
Ачык асман сапарында бир күндүк,
Алгач сага Алматыдан жолуккам.

Азыр мендей, азап тартат Көл деле,
Башка өлкө. Түшүм эмес, өң неге?
Тирек болуп жүрсүн мындан ары деп,
Тилеп балким жолуктурган Көк-Төбе!

Аэропортто сени узатып олтурам,
Апрель айы, табыштырган кош тууган.
Эшикти ачсам, тыптынч бөлмө сен жоксуң,
Кантип чыгам, ичтен жеген боштуктан?!

Башка өлкөдөн жолугушуп а бирок,
Бөлөк жакка кайра узатып олтурам...

## КҮНДӨ КҮЗ

Жаралганым анык эле күнөөсүз,
Жагдайыма неге мынча күлөсүз.
Күйсө жарык, өчөөрү бар кайрадан,
Жан дүйнөмдө куса, ыза, күндө күз.

Сол жагымда дүк-дүк жана дүкү-дүк,
Собол берсем жооп бербеди үңкүйүп.
Таарынчумун. Жүрөк мага таарынды,
«Сүйөм» деген сөздү айталбай үндү үзүп.

Сезим калды. Жалбырактай күбүлгөн,
Коркчу болдум, караңгы түн. Күүгүмдөн.
Кур кыялга, жок нерсеге алданбай,
Куса деген жүрөгүмдөн күндү үзөм.

Жансыз дүйнөм. Сизден алыс бу кандай?
Көрсөтпөстөн көздү тосуп жумгандай.
Кимдир бирөө сезимдерге чуу салып,
Кудум катуу канжар менен ургандай.
Кудум эле жүрөгүмдү буугандай...

## СҮЙҮҮГӨ КЕРЕК ЭРКИНДИК

Тереӊ ойго салды түш бүгүн,
Теӊ өтүп, теӊи өтпөй  түшкү күн.
Эси жок кыз экенсиӊ деп жүрөктү,
Эсеби жок, эзет сезим түнкүсүн.

Убарабыз, убарабыз бошко эле,
Убактысын бөлүп кудай кошсо не.
Мезгил күчтүү оолуктуруп чөктүрбөй,
Мени сизге жолуктуруп койсо ээ.

Акыл бийлеп, жүрөгүмө сын курат,
А мейличи, жашай берем сырды улап.
Сүйүүдөгү азап эх, бизди,
Адамдардын ач көздүгү сындырат.

Махабаттын өӊү кандай? Кеч билдик,
Жолубуздан көп адамды кечирдик.
Мындан ары, мындан татаал күн үчүн,
Керек биздин сүйүүбүзгө эркиндик.

Ак сүйүүмө намыс болду сын таккан,
Алсыз жүрөк ага байкуш ыр таккан.
Жаш сезимдер жашап калсын жүрөктө,
Жашоо берип чыгарыӊыз кылтактан.
Бош дүйнөдө эркиндикте жашасын,
Бошотуӊуз махабатты кылтактан!

## СУРАШАТ

Оттон ысык! Илебиңден ээригем,
Ошол учур келбейт бирок ээлигем.
Чогуу бирге кечиргенде турмушту,
Чоң салымды кошот дешип эл билген.

Тиешелүү бизге дагы бар аймак,
Тирүү сүзгөн балыгы да байкамак.
Чыгаар беле чыгаан таланттан, силерден
-деп дос-тууган, калайык-калк, баары айтмак.

Көзү ачылса булактан шар суу агат,
Өрүм чачты нечен ирет сууламак.
Ойдон окшош, Ай жетелеп баратсам,
А бул кимдин баласы деп сурашмак.
Сага окшогон бирөө сөзсүз сурамак...

## АЛ БАКТЫЛУУ

Мен эмесмин махабаттын эрмеги,
Жооп күтөт күлө карайт эл мени.
Жарыңызда кызганычтын тили жок,
Ошол жеңиш. Ошол анын эмгеги.

Жүрөгүмдө жашай берер жакшылар,
Сүйгөн үчүн жазылды көп жакшы ырлар.
Айгай салып, эргүү келсе чочутпай,
Аялыңыз түбөлүктүү жакшы жар.

Сыртта бороон. Күтүп турду эл мени,
Жапжаш сезим кызык кимге эмнеси.
Жаңы келин. Жубайыңыз өңдөнүп,
Болом бир күн мен да уул-кыздын энеси.

Тагдыр окшош келет бирде ай-жылда,
Кереги жок! Мага эми Айдын да.
Эңсөө өчөт. Акын өтөт а бирок,
Эң бактылуу эне болом айылда...

## ТОЛГОНУУ

Кетсемби,
Шар аккан сууга кошулуп.
Кетейин,
Бүркөлгөн асман кош булут.

Түйшөлдүм,
Жардамым тийбей көп ирет.
Түйшүктүн,
Жашоодо ити көп үрөт.

Кадамдар,
Багыты кайда? Кай тарап.
Бактылуу,
Болууну айтам кайталап.

Кетейин,
Кое бер тартып кармаба.
Ээриген,
Түшүнөт мени кар гана.

Тумчугуп,
Кыйналып кетти башкачаң,
Турмуштан,
Үйрөнөт акыл баш качан?

Караба,
Карекке аткан таң болуп,
Кайтайын,
Калкыма кайта жаз болуп...

## СҮЙҮҮ ҮЧҮН ТӨРӨЛГӨМ

Таптырбаган үмүттү издеп төргө өткөм,
Толбой турат. Неге толбойт көрөңгөм.
Ыйлатуудан ыр табаарсыз эки сап,
А мен сизди сүйүш үчүн төрөлгөм.

Көңүл дайра. Ага канча жан аккан,
Жоголду оюм, баш ийбеген жанатан.
Ушул учур сизди эрте, мени кеч,
Жолуктуруп сырдашсын деп жараткан.

Сезип турам, буркан түшкөн эл демин,
Жөпжөнөкөй ошол бойдон элемин.
Кызгануудан алыс болуп акыры,
Кыш болсоңуз, гүлдөп жайда келгемин.

Сезим сыйлап, орун алып, төргө өткөм,
Сизди сүйүп өтүү үчүн төрөлгөм.

## ТҮШҮНБӨЙМ

Ката кетер. Менден, сенден, тигиден,
Тагдыр жолу. Кээде тикен, тик экен.
Соолуп турам. Үзбө көңүл гүлдөрүн,
Сүйүп улам, улам жүрөк тирилген.

Жок деп айтар, билем бир күн ал дагы,
Жолуктурбай өттү ушул ай дагы.
Сезимдердин оолукканы эң бекер,
Сени эмес, акыл тандайт башканы.

Үйдө, тоодо. Окуу анан жумушта,
Жүрөгүмдөн кыйын үзүп жулуш да.
Ким ал деген суроо деле унтулуп,
Сүйүп калуу оңой беле турмушта.

Жалгыздыкты өңүм эмес, түшүм дейм,
Жаштыгымдын өртүн кечип түшүн дейм.
Сени сүйүп калганымды кантип эх,
Ишен бирок, өзүм деле түшүнбөйм.

Татаал сансың! Ошол үчүн түшүнбөйм!

## БИРГЕ КҮТӨТ ЫСЫК-КӨЛ

Айткан менен алдай албайт көз неге,
Арзуусу бар, башкалардай көп эле.
Ал да келип, ошол жээкте олтурган,
Алтыным деп эркелетти Көл Эне.

Жүрөк сырдаш. Кумда калды же изим,
Жүдөп бир күн олтуруу да жеңишим.
А бул ирет, бакыт, максат, сүйүүнү,
Айтып бүтпөй арман менен келишим.

Соккон жели, дал сөзүндөй башкача,
Согулду экен сагынуудан баш канча.
Боздойт сезим, улам артка кылчайып,
Борборума Боомду аралап ашканча.

Көгүлтүр от. Тоодон ары кызыл төр,
Жалынына махабаттын ысып көр.
Эсен бол деп, эмки жолу элестет,
Экөөбүздү чогуу күтөт Ысык-Көл.

Экөөбүздү бирге күтөт Ысык-Көл.

## КИТЕПКАНА

Китепкана... музыка жай ойнолот,
Терезеден... карлар бийлеп кооздошот.
А биз болсо, кээде гана карайбыз,
Көздөрүбүз чагылышып боздошот.

Окуу залы... азыр тыптынч музыка,
Чамам келбейт бирок аны угууга.
Сен тараптан келет сезим агылып,
Дарманы жок жүрөгүмдүн туруугa.

Китепкана, тааныштырган ошондо,
Билинбеген бөлмөсүндө сыр жатты.
Чексиздигин, бийиктигин далилдеп,
Сүйүү деген китепкана ыр жазды...

## КЕЧЕДЕ

Колдор катуу токтобостон чабылып,
Жылуу сөздөр бул кечеде айтылып.
Ырларыма канат тилеп олтурдум,
Жүрөктөгү сырларыма баш уруп.

Колдоп бүгүн коноктордун келгени,
Жакты сезим жарык сүйүү бергени.
Сүйүнүчтөн турдум таппай сөз дагы,
Сүйгөнүмдөй кабыл алдым кечени.

Көзүмдөгү кубанычты катпадым,
Сахна артынан билсеңер эх, кат алдым.
Поэзия өлкөсүнө виза ачып,
Бүгүн мына ырлар менен катталдым.

## КАЙДА БАРАТ?

Күч берип канымда ырымдоочу,
Жүрөктүн кабында кыймылдоочу.
Жылмайып жанында жүргөн менен,
Бул сапар жаштыкка кыйын болчу.

Кууураган көңүлүм экилентти,
Кур намыс, сүйүүнүн эси кетти.
Миң ирет жолугуу буйруса да,
Бир болбойт тыйындын эки бети.

Жолдогу таштар да майдаланат,
Жоголбос, элдеги майда адат.
Эрте эле толкундап чыккан сүйүү,
Эй, Эрен! Айтсаңчы кайда барат?

Эзилип сагынуум кайталанат,
Эх, аткан таң гүлүм кайдан батат?!

## ЖИГИТ КҮТТҮ ПЕРИСИН

Күүгүм эле. Бүтпөй турду же ишим,
Күлкү кээде, мейли ыйга жеңилсин.
Кылчактаган ойлуу тиктеп ар жактан,
Күтүп жатты. Жигит балким перисин.

Сен канчалык ачууланба, улуусуң,
Сенден көрдүм. Карек нурдун жылуусун.
Шайтан ыза, азгырса да эрк менен,
Күтүп турду. Жигит күттү сулуусун.

Өтпөдүбү ансыз деле ай-жылың,
А сен аны. Сени күтөт айылың.
Кызыл эрин, узун бойлуу бир караан,
Ошол сенин, сенин эле айымың.
Тагдырына кандай сыноо берилсин,
Жигит күттү. Күттү жигит перисин...

## СУНСАМ КАНТЕТ ЖҮРӨКТҮ

Билинбестен айлар анан күн өтүп,
Махабаттын арчасынан түтөтүп.
Бүгүн сездим, жылуулуктун бир уучун,
Болсом кана жаныңызда түбөлүк.

Дагы алдыда оор-жеңил көп өтөр,
Багыбызды тиксек, жемиш көбөйөр.
Келме ооздо, жүрөгүбүз ыйманда,
Эмне дешсе, ошо дешсин көргөндөр.

Сүйүнгөндөн тийип турган күн төктү,
Үйүлгөн чаң. Кол булгалап күзөттү.
Сүрдүү эшик. Жат дебестен жай гана,
Күтүп алды сүйүп калган жүрөктү.

Сумсайбастан бүгүн сонун күн өттү,
Сунгум келип турат сизге жүрөктү...

## АШЫКЧАМЫН

Жашоодо жашаш үчүн жалгыздык бар,
Жаш болуп аккан өңдүү жалгыз сырлар.
Дагы эле өрүк гүлдөйт жаңырат Ай,
Дармансыз өлүк ырлар жазылгандай.

Мерездин жолун дагы көрөт окшойм,
Мезгилден махабатты бөлөт окшойм.
Миң жолу жакындасам деле бирок,
Мен сизге баары бир эх, бөлөк окшойм.

Не сүйдүм, неге сүйдүм арсыз жаным,
Сезим жок, сезими жок алсыз чагым.
Көп түндөр капалуудай эч себепсиз,
Көп болсо бул бир күнгө ашыкчамын.

Ооба мен, ашыкчамын кетүүм керек,
Ошондо жаратканым эстүүм демек.
Оор учур, оор үшкүрүк жеңил кыял,
Ооруган жүрөк дартын жеңүүм керек.
Ооба мен, ашыкчамын кетүүм керек...

## СҮЙҮҮДӨ ДОСТУК БОЛБОЙТ

Сүйүү ырын жазбасаңыз окубасам,
Өрттөнүп кайра-кайра ооруп атам.
Тагдырга өкүнүч-муң баары бир дос,
Жүрөккө жанып турган ырыңыз шам.

Чоң көчө азыр деле мага абдан тар,
Чочуба кетпе сүйүү жалдыратпай.
Көрүнгүм келбей турат башкаларга,
Дарактан учуп түшкөн жалбырактай.

Чечимди эбак эле чыгаргамын,
Мен сизге бүтпөгөн чыгармамын.
Канча жыл жалган күндө сүрсөм өмүр,
Тең келбей кетет бирге чын арманым.

Махабат майданында оюн болбойт,
Унутпай жүрүү балким оордук болбойт.
Кыйышпас жан адам бол жана «ага» бол,
Сүйүүлөр бүткөн менен достук болбойт.
Унутпай эстеп жүрүү оордук болбойт...

***

Күлүктөн күлүктөр ашкан менен,
Күттүрүп күнүгө шашкан менен.
Азгырат не мынча адамдарды,
Кем акыл, мээрисиз шайтан деген.

Баркыңды билбеген башка чыгар,
Бактылуу дүйнөсүн ашка жыгар.

Байкабай жыгылып, түртүлсөң да,
Баары бир азайбайт алдамчылар.

Булут жок асмандын көгү жакшы,
Бир эмес, досуңдун көбү жакшы.
Сүйүнүп жүрөктөр толкунданып,
Сүйүүдөн ыйласын көздүн жашы.

## АЛП ТООЛОР УЗАТКАНДА

Күлдүрдүң, ойноттуң, унуттурдуң,
Күчүнө күч кошуп улутумдун.
Тоссо да шамалы алыс жолдон,
Тоолордун сүйөөрүн угуп турдум.

Жакшы күн жарыгын өлчөйм, иргейм,
Жүрөктө орун бар жалгыз бир дейм.
Кубаныч артынып сага күлүп,
Келемби, келбеймби тоолор билбейм.

Кадамды үмүткө улаганда,
Кайгыны укпады кулак анда.
Жан дүйнөм түтөдү, майдаланды,
Жарышып тоо ташы кулаганда.

Мен сенин сөзүңдү уга албай,
Жол алыс сүйүүдө узак кандай.
Ах, эми бул сапар тамчы болуп,
Ак жамгыр, булуттар узаткандай.
Алп тоолор сүйөм деп узаткандай.

## ИЧИП АЛДЫМ СҮЙҮҮДӨН

Маңдайыма бакыт сунуп тоо койду,
Маанайыма турат буруп оң ойду.
Келечек бар, бүдөмүк же жапжарык,
Келбей туруп кетем деген оңойбу?

Кызганбагам кызгансам да көппөгөм,
Кызга арнаган ырларын да көп көрөм.
Кайрыктарым кайгыртса да канча ирет,
Карегимди өптүрбөгөм, өппөгөм.

Август бүтөт. Келе жатат күз жалын,
Агым каршы, себелеп жаайм күт жаным.
Артып азап жолуктуруп таштаган,
Сүйүү сааты убактысы үч жарым.

Аккан суудан кандай сонун бата алуу,
Апакем бар болом дагы апалуу.
Менин дүйнөм, менин бөлмөм сен жокто,
Окуп жаткан китебим да капалуу.

Жүрөгүмө төрт мезгил тең кыштаган,
Жүр өмүрдө түбөлүк деп кыстаган.
Кудай сунса жок дей албай тартынып,
Ууртап алдым сүйүүдөн бир стакан.

Жүрөк ооруп суусаганда ысыктан,
Жүр ичип ал сүйүүдөн бир стакан...

***

Сиз деген сезим күчүн эми билдим,
Сүйүүсүн арнаган эх, экс-пирим.
Мурда эмес, мына, мына азыр дагы,
Сагынткан жүрөгүмдү Шекспирим.

Көзү бар, билбейм кандай сезимиңдин,
Көрүнүп арасынан жети миңдин.

Сырдашып азыр дагы мурдагыдай,
Сүйгөнү турбаймынбы Шекспирдин.
Өлбөптүр Жульеттасы Шекспирдин...

***

Жакшы сөз айтаар деп эх, көңүл күтөт,
Жарыгын чачып, күйүп көмүр бүтөт.
Жалгыздык мени  сизге узатканча,
Жаштык да, жүрөк сүйгөн өмүр бүтөт.

Сезимди кайгы-муңдар кесеби ээ,
Алыстык ак сүйүүнүн кесели ээ.
Эки күн же бир түнү таныпп кеткен,
Тагдырга табышмактын кереги не?

Үмүтсүз ырлар эле оргуп чыкты,
Үркүтсөм бүркүт деле коркуп учту.
Ушунча кең дүйнөгө кантип батам,
Мен сизди сүйбөй койсом коркунучтуу.
Мен сизди сүйбөй калсам коркунучтуу...

***

Кетпедим, кете албадым жүрөк сиз деп,
Кенинде сүйүүдөн ыр, казып издеп.
Күтүүдө экөөбүздү күткөн чыгар,
Күн сайын жолду карап ысып Бишкек.

Келесиз мен да келем сүйүү келет,
А бирок баштагыдай жакын эмес.
Жүрөктөр эс алууга берип кезек,
Жүз миң түн сезим уктап дүйнө кезет.

Кыйнадым сол жактагы жарым этти,
Кыбырап ашуудан бир алым кетти.
Аскадан жаңырса да сүйөөрүңүз,
Алайдан табаарым чын Алымбекти.

Шарабын сүйүүлөрдүн далай жуткан,
Шар аккан таланты көп алар уккан.
Ачпаңыз махабатты болду эч кимге,
Шашпаңыз табам сизди Алай-Куудан.

Алайдын тоолорунан ашып өт деп,
А балким күткөн чыгар Кара-Кулжаң...

***

Менсиз да көп мезгил күн өткөн,
Тигине чок кезим жүр өрттөн.
Аяба кыйнап кал сезимди,
Тим койдум кетсең кет жүрөктөн.

Калемден айрылган жаш акын,
Каректен агызган жаш аксын.
Ыймандын, намыстын төрүндө,
Ырымдын атасы жашасын.

Сүйүүгө көз тийип, кирип сук,
Сүрүлүп чыгууда ичте бук.
Сыйдын да, армандын күбөсү,
Сырдашым жапжалгыз фейсбук.

Ыймандан намыстуу жаш аксын,
Ырымдын атасы жашасын...

## ЭКИ САПТА БИР ЖҮРӨК

Көп жашап, көптү көргөн түр көзүндө,
Жүрөгү сүйүүнүн ак түрмөсүндө.

Карама-каршы багыт бизди учурган,
Капамын баалабаган бул учурдан.

Айтпады сезимдерди ал жок антип,
Ачыгы сүйгөнүм бар чоң романтик.

Жиндинин деле билсең акылы бар,
Жүрөктүн сүйөм деген акыны бар.

Майдалап жанууда улам сезим бүлбүл,
Махабат бакчасында сиз суу мен гүл.

Сүйүктүүм арга жоктон мат эмитен,
Сүйүүсүн табам кайсы материктен.

Чалгамын чыпчын айтам соткасына,
Чакырды сүйөрсүң деп сот залына.

Сүйүүнү жолуктурган китепкана,
Сүй деген жетпей турат пикет гана.

Бакыруу таптың пайда не ушудан,
Бактылуу кылабы же эх, ушул там.

Көз жашты кантем күндө жаздыктагы,
Көңүлдү катка ороп жаздык дагы.

Чаң баскан артыңыздан изди сүрөм,
Чал болуп калсаңыз да сизди сүйөм.

Мезгилди кубала да канча кетир,
Мен деле бир күн келип болом кемпир.

Сезимди сылык-сыпаа атайт беле,
Сүйүүнүн пири бизде жашайт беле.

Ой кошуп сүйлөйсүң көп жыйындарда,
Он күндөн кийин чыгам жыйырмага.

Арманды унутканча жүр өмүрдө,
Акылым башымда эмес, жүрөгүмдө...

## БИР СЕН ҮЧҮН

Бактымды тазалап далай күүдүм,
Антымдын жүрөктө билсең күчүн.
Башкага байлангым келбей турат,
Башкачам баардыгы бир сен үчүн.

Күлкүнү көралбай кайгы тыйды,
Күз эмес, дагы жай жүдөп туру.
Кошулуп сагыныч тамчысына,
Обонун созууда жүрөк ыйы.

Туңгуюк. Чыгалбай тосулганмын,
Турмушуң колуңда тосуп алгын.
Жашоого батпай-батпай төгүлүүдөн,
Жаш сезим бузууда кош ыргагын.

Жүрөктүн согулган билсең күчүн,
Жүргөнүм жашоодо бир сен үчүн.

***

Жүрөгүңүз жатка айлантаар кебимди,
Жүрүп-жүрүп дат да басаар темирди.
Тагдыр бизди калчаганда кайдадыр,
Тапсам таптым махабаттан теңимди.

Көп болду ээ, көзүбүздө азгыруу,
Көнүп алуу, көңүл калуу жазгыруу.
Кандай сүйүү билбейм турмуш жолумда,
Кандай сезим бешенемде жазылуу.

Арсар күндөр, арманы көп түгөнбөс,
Жашоо дагы ак-карасыз күүлөнбөс.
Кетсем деле кемтик толуп мен сизден,
Жашасам да, жарык-жаркын күн өтпөс.

Билем, сизсиз...
Жаштыгымдын күнү өтпөс?!

## СҮЙҮҮДӨ ЖОК СТАНДАРТ

Жеңи жок пальто кийип жүргөн өңдүү,
Сүйүүдөн көрдүм үшүп жүргөнүмдү.
Канткенде чектөө коюп, тарбиялап,
Түшүрөм стандартка жүрөгүмдү.

Сезимдер умтулушкан олжосуна,
Жолунда бирде табат ор-казына.
Махабат майданында канча жүрөк,
Алсырап кээде жетпейт нормасына.

Акылым табып айла план жазды,
Жан дүйнө ичиндеги сызган дарты.
Жашына, жарды же бай мунжу экен деп,
Сүйүүнүн болбойт, карабайт стандарты.
Чыныгы сүйүү билбейт стандартты...

## Мазмуну

Бийигим .......... 3
Сыр каткан каармандар .......... 3
Баары сенден башталган .......... 4
Классташтар .......... 5
Алайым кичи мекеним .......... 5
Кызы болом кыргыздын .......... 6
Жер жүзү .......... 6
Поэзия жашай берет «Манаста» .......... 7
Чүйүм сенде – сүйүүм .......... 8
Эне тили-келечек .......... 9
Атама .......... 9
Ата-энеме .......... 10
Энекем .......... 10
Ай жана апам .......... 11
Бир туугандарыма .......... 12
Жеңелериме тамаша .......... 12
Мээримиңди төкчү апаке .......... 13
Студенттик күнгө .......... 13
Сабакта олтурганда .......... 14
Жатакана жашкана .......... 15
Билинет .......... 15
Мен мугалим болгондо .......... 16
Сүйөм жазгы жамгырды .......... 18
Узаганда айылдан .......... 20
Он жыл .......... 20

Март айы ........................................................................ 21
Жаштыгын жаңылып өткөрүүдө .............................................. 21
Көңүл сыныгы ................................................................. 22
Эч ким оорубасын ............................................................ 23
Жумуш да ....................................................................... 23
Айымдар ........................................................................ 24
Бүркүт менен сырдашуу ...................................................... 24
Бүгүн мен ...................................................................... 26
Өмүр аз ......................................................................... 27
Тирүүлөр сыздаганы жаман экен .......................................... 27
Мээрим издеген кат! .......................................................... 28
Бир ой ........................................................................... 33
Бир күн келээр ................................................................. 34
Бир сыр ......................................................................... 35
Жашасын жакшы адамдар .................................................... 35
Бешинчи кабат ................................................................. 36
Заманбап таарыныч ........................................................... 36
Сүйүүнү сактап калалы ....................................................... 37
Жүрөгүмдүн көйгөйү .......................................................... 38
Сен ошону сезсеңчи .......................................................... 38
Ачуу чындык өзүмө ........................................................... 39
Көрсө өчүрүп салыпмын ..................................................... 40
Кетпесе экен ................................................................... 40
Көйнөктөр парады ............................................................ 41
Туура эмес он тогуз .......................................................... 42
Изде мени ...................................................................... 43
Сүйүүдөн докторлук жактоо керек ....................................... 43

Девизим сүйүү ........................................................................ 44
Эмне үчүн? ............................................................................. 44
Бакытымды алып кел ............................................................ 44
Күт ......................................................................................... 45
Башкачасың ........................................................................... 45
Бакытка карай ....................................................................... 46
Жигиттерге кайрылуу .......................................................... 46
Алыспыз ................................................................................ 47
Сезимдин кыйкырыгы .......................................................... 48
Мага жагат ............................................................................ 48
Сүйүү мага жабышпа ........................................................... 49
Көңүлдүн эзилгени ............................................................... 49
Күндөлүк ............................................................................... 50
Жолуксам махабатка ............................................................ 51
Таң калуу .............................................................................. 51
Ошол мен .............................................................................. 52
Кыялым бар .......................................................................... 52
Кат ......................................................................................... 53
Болгум келет ......................................................................... 54
Эптээр бекем ........................................................................ 54
Бир жылмаюу - түбөлүк ....................................................... 55
Жаңылануу ........................................................................... 55
Жыргал эмес, бар азап... ...................................................... 56
Не десем ................................................................................ 57
Күздө гүлдөгөн дарак ........................................................... 57
Сагынуунун илеби ................................................................ 58
Бир ойдун тереңинде ........................................................... 59

Үч чекит .......... 59
Фронтиспис менен сүйлөшүү .......... 60
Ыйладым .......... 60
Сүйүү сабагы .......... 61
Ирмем .......... 61
Бошоткум келбейт бирок… .......... 62
Жөн гана салыштыруу .......... 62
Кантип айтам .......... 63
Сагынычтын суусу мени чаңкаткан .......... 63
Унутуу мүмкүн эмес .......... 64
Жылуулук таштап кетиңиз .......... 65
Жүрөктү токтотпоңуз .......... 65
Барган сайын .......... 66
Мээримиңиз керектигин түшүндүм .......... 66
Сүйүү күчү .......... 67
Муздак үй .......... 68
Бүтпөс поэмасыз .......... 68
Көрүшпөгөн каректер .......... 69
Мээ жана мен .......... 69
Гүл тартып кетиңиз махабаттан .......... 70
Көңүлсүз жүрөк .......... 71
Кайгыдагы кубаныч .......... 71
Айдагы жаш махабат .......... 72
Көңүлүмдүн көчөсү .......... 73
Боштук .......... 74
Күндө күз .......... 74
Сүйүүгө керек эркиндик .......... 75

Сурашат ........................................................................ 76
Ал бактылуу .................................................................. 76
Толгонуу ....................................................................... 77
Сүйүү үчүн төрөлгөм ................................................... 78
Түшүнбөйм..................................................................... 78
Бирге күтөт Ысык-Көл.................................................. 79
Китепкана ...................................................................... 80
Кечеде ........................................................................... 80
Кайда барат?................................................................. 81
Жигит күттү перисин ................................................... 81
Сунсам кантет жүрөктү................................................ 82
Ашыкчамын .................................................................. 82
Сүйүүдө достук болбойт.............................................. 83
Алп тоолор узатканда................................................... 84
Ичип алдым сүйүүдөн................................................... 85
Эки сапта бир жүрөк .................................................... 87
Бир сен үчүн.................................................................. 89
Сүйүүдө жок стандарт.................................................. 90

Адабий-көркөм басылма

**Турсунай Калмурат кызы**

# Бийигим

*Ырлар*

*Корректору:* Ө. Калыева

*Чыгышына жооптуу:* Н. Рымбекова

*Компьютердик калыпка салган:* Ж. Курмушуева

Мукабаны көркөмдөөдө
Н. Аскат уулунун ишинен фрагмент колдонулду

Китеп Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду
Тарабынан басууга сунушталды

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу
Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик
кызматынын Материалдарды жана расмий басылмаларды даярдоо
башкармалыгында басылды

Басууга кол коюлду: 27.10.2017 Формат: 60x90/16
Эсептик-басма табак: 7,9 Тапшырык № 748
Нускасы: 150

**Редакциянын дареги:** 720021, Бишкек ш., Москва көч., 62,
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик
жана инновациялар мамлекеттик кызматы
Тел.: 68-08-19, 68-16-98, 68-16-10



## Калмурат кызы Турсунай

*1997-жылы 27-июлда Ош облусунун Алай районуна караштуу Талды-Суу айылында туулган. 2014-жылы Жайыл районундагы Полтавка орто мектебин ийгиликтүү аяктаган. «Кыздар ай 3, 4, 5, 6», «Алыкулга ыр десте», «Байдылдага ыр десте», «Саамалык-12, 13» ыр жыйнактарына ырлары жарык көргөн. Ч. Айтматовтун 85 жылдыгына арналган республикалык дил баяндар сынагында 2-орун, жогорку окуу жайлар арасында өткөрүлгөн «Мыкты студент» сынагынын жеңүүчү, «Прогрессивдүү Демилгелер» фондунун «Намыс» стипендиясынын ээси. «Ыйык Ата Журт» жаштар коомдук фондунун стипендианты. Кыргыз Республикасынын «Алыкул үйү-борбору» коомдук бирикмесинин Ардак грамотасы, ошондой эле чыгармачылыктагы ийгиликтери жана коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн Ардак грамоталардын, кароо-сынактардын жеңүүсү. 2014-жылы «Лидер» жаштар клубунун Кара-Балта филиалынын төрайымы, 2015-жылдан тартып «Кыргыз Республикасынын акын-жазуучулары» коомдук фондунун директорунун орун басары. «Кыздар ай» адабий клубунун мүчөсү. Азыркы учурда К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин журналистика жана маалымат системалары факультетинин 4-курсунун студенти.*